ЕККУ Бишкектеги АКАДЕМИЯСЫ

# БАТЫШ ПЕРИФЕРИЯСЫНДАГЫ СЕЗИМДЕРДИ БАШКАРУУ:
## *КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ КЫТАЙДЫН МААЛЫМАТ ОПЕРАЦИЯЛАРЫ*

Нива Яу

# Батыш перифериясындагы сезимдерди башкаруу:
*Кыргыз Республикасындагы Кытайдын маалымат операциялары*

Нива Яу

© 2022 ЕККУнун Бишкектеги Академиясы.

ЕККУ Бишкектеги Академиясынын тарабынан сунушталган изилдөөлөрдүн мазмуну, багыты, кандайдыр бир кетирген каталыктары же кемчиликтери жана илимий макалалардагы жана башка басылмалардагы маалыматтардын тууралыгы үчүн эч кандай юридикалык жоопкерчиликти тартпайт. Бул документтерде жана макалаларда камтылган көз караштар, пикирлер, корутундулар же сунуштар авторго (авторлорго) гана таандык жана Академиянын жана бүтүндөй ЕККУнун расмий саясатын же позициясын чагылдырбайт.

Академия жана ЕККУ илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүдө, илимий жыйынтыктарды жарыялоодо жана окуу процессин алып барууда окуу жайлардын жана жогорку жетекчиликтин ашыкча кийлигишүүсүн же чектөөлөрүн колдобойт жана институционалдык жөнгө салуу же коомдук же институционалдык кысымы жок академиялык эркиндик принцибин жактайт.

Автор: Нива Яу

Дизайн: Татьяна Киргизбаева, "De_tally" дизайн студиясы

**Октябрь 2022-ж**

# МАЗМУНУ


**КЫСКАЧА БАЯНДАМА**....6

**КИРИШҮҮ** ....8

**МЕТОДОЛОГИЯ** ....11

**ДОЛБООРДУН КӨЛӨМҮ ЖАНА ЧЕКТӨӨЛӨРҮ**....12

**БИР ГАНА ЖАКШЫ МААНАЙ: КЫРГЫЗ ЖМКЛАРЫНДАГЫ КЭР БОЮНЧА ЖАРНАМАЛЫК МАЗМУН** ....13

*Турлар аркылуу материалдарды жаратуу*....16

*Басма сөз аркылуу мазмунду киргизүү* ....18

*Материалдарды чыгаруу жана КЭР субъекттеринин ролу*....20

*Социалдык медиага материал киргизүү* ....24

**ЧЫНДЫКТЫ ТЕКШЕРҮҮ: КЫТАЙДЫН МААЛЫМАТ ТААСИРИН БААЛОО** ...31

**КОРУТУНДУ** ....34

**ТИРКЕМЕЛЕР** ....36

**ШИЛТЕМЕЛЕР** ....41

# ТИЗМЕКТЕР

**1-тизмек.** Кыргыз Республикасында КЭРдин позитивдүү катышуусу жогору болгон маалыматтык платформалардын тизмеси.

**2-тизмек.** КЭРдеги Кыргызстандын ЖМКлары катышкан турлардын жана тренингдердин тизмеси.

**3-тизмек.** КЭРдин кызматташуусу менен жергиликтүү ЖМКлардын социалдык медиада болушу.

**4-тизмек.** Кыргыз Республикасында 2019-жылдын январь айынан 2022-жылдын февраль айына чейинки «Фейсбуктагы» Кытайга тиешелүү мазмундагы эң активдүү 20 посттун тизмеги.

**5-тизмек.** Кыргыз Республикасында 2019-жылдын январь айынан 2022-жылдын февраль айына чейинки «Инстаграмда» Кытайга тиешелүү мазмундагы эң активдүү 20 посттун тизмеги.

**6-тизмек.** Кыргыз Республикасынын социалдык медиасында «Фейсбук» жана «TikTok» тармактарында Кытай Эл Республикасынын таасир этүүчүлөрү.

**7-тизмек.** «Фейсбуктагы» топтор жана «Инстаграмдагы» КЭР иштерине арналган баракчалар Кыргыз Республикасында жеткиликтүү.

# ТИРКЕМЕЛЕР

**1-тиркеме.** Маектешкендердин тизмеси.

**2-тиркеме.** 2019-жылдын январынан 2022-жылдын февралына чейинки КЭРге тиешелүү мазмундагы эң активдүү деп табылган 20 постту изилдөө методологиясы.

**3-тиркеме.** 2021-жылдагы эң активдүү 10 посттун катарына Кыргыз Республикасынан келген күйөрмандардын санын изилдөө методологиясы.

## Автор

**Нива Яу** ЕККУнун Бишкектеги Академиясынын улук илимий кызматкери жана Филадельфиядагы тышкы саясатты изилдөө институтунун (FPRI) Евразия программасынын кызматкери. Анын иши Кытайдын тышкы саясатына, соодасына жана батыш кошуналарындагы, анын ичинде Борбор Азиядагы жана Ооганстандагы коопсуздугуна өзгөчө көңүл буруп, глобалдык Кытай иштерин улантат.

## Цитата

Нива Яу (2022 г.) “Батыш перифериясындагы сезимдерди башкаруу: Кыргыз Республикасындагы Кытайдын маалымат операциялары”, ЕККУнун Бишкектеги Академиясы.

## Ыраазычылык

Автор изилдөөнү пландаштырууда жана редакциялоо процессинде Матей Шималчиктин, ошондой эле Айзат Шайлообек менен Асылгүл Канатбекованын жергиликтүү медианы талдоодо көрсөткөн эксперттик жардамдарына ыраазычылыгын билдирет.

**Матей Шималчик** — Словакияда, Чехияда жана Австрияда жайгашкан, Чыгыш Азияга байланыштуу тышкы жана коопсуздук саясат маселелерин караган Борбордук Европадагы Азия изилдөөлөр институтунун аткаруучу директору. Матейдин изилдөөсү Кытайдын Борбордук Европадагы экономикалык жана саясий катышуусу жана таасири, жалган маалыматтар, элиталык мамилелер жана Кытай менен иштөөдө европалык укуктук инструменттердин ролу тууралуу. Ал укук (Масарык университети) жана эл аралык мамилелер (Гронинген университети) боюнча билимге ээ.

**Айзат Шайлообек кызы** ЕККУнун Бишкектеги Академиясынын улук илимий кызматкери. Ал Кыргызстандагы Кытай маселелерине кызыгат "Кыргызстандагы синофобияны талкуулоо" аттуу макаласы Central Asia Affairs журналында жарыяланган. Айзат Кыргызстандын Эл аралык университетинде Американы таануу боюнча бакалавр, ал эми Борбордук Азиядагы Америка университетинде Борбордук Азияны изилдөө боюнча магистр даражасын алган. Буга чейин ал Global Voices уюмуна салымын кошкон.

**Асылгүл Канатбекова** ЕККУнун Бишкектеги Академиясынын кенже илимий кызматкери. Ал изилдөөдө маалыматтарды талдоо боюнча адистешкен, муну Борбор Азиядагы миграция жана жакырчылык маселелери боюнча кызыкчылыктарга колдонот. Асылгүл Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясынын «Мамлекеттик мүлктү башкаруу» адистиги боюнча бакалавр даражасын жана Россия Федерациясынын Москва шаарындагы Жогорку Экономика окуу жайында демография жана калкты изилдөө боюнча магистр даражасын алган. Буга чейин Миграция боюнча эл аралык уюмдун (МОМ) консультанты болуп иштеген.

# КЫСКАЧА БАЯНДАМА

Борбордук Азия бардык фронттордо Кытай Эл Республикасынын (КЭР) мурда болуп көрбөгөндөй деңгээлдеги катышуусуна туш болууда. Бул байланыштар саясий, экономикалык жана социалдык чөйрөлөрдө тез темп менен өнүгүп жатат. Бул баяндама Кытай Эл Республикасынын Кыргыз Республикасындагы кызматташуусу экономикалык жана аскердик чөйрөлөрдүн чегинен чыгып кеткенин жана мындан ары жалаң жергиликтүү элита менен иштебей турганын көрсөтүүнү көздөйт. Медиа сектору массалык коммуникациянын жана маалымат таратуунун маанилүү стратегиялык ролун аткарат. Өлкөдө Кытай өкмөтү басма сөз эркиндигинин жана маалыматка жетүүнүн формалдуу конституциялык кепилдиктерине карабастан, өзүнүн маалымат чөйрөсүн онлайн жана оффлайн режиминде көзөмөлдөөнү өздөштүргөн. КЭР да чет өлкөлөрдөгү информациялык чөйрөнү контролдоо зарылдыгын моюнга алат.

Кыргыз Республикасы Борбордук Азиядагы Кытай Эл Республикасынын ЖМКларынын катышуусунун тактикасын, баяндоолорун жана натыйжалуулугун иликтеген эки жылдык изилдөө долбоорунда кейс изилдөөсү катары тандалып алынган. Бул биринчи изилдөө отчётунда маалыматка таасир этүүнүн эң ыңгайлуу жолу КЭРге ыңгайсыз билдирүүлөрдү четке кагып, КЭР тууралуу позитивдүү көз караштарды жайылтуу үчүн КЭРге ылайыктуу контентти жигердүү жайылтуу экендиги аныкталган. КЭР колдонгон стратегиялардын үч негизги өзгөчөлүгү бар: 1) кыргыз ЖМКсына контент киргизүү, 2) Кытай Эл Республикасынын ЖМКларынын жергиликтүү болушу 3) социалдык медиага катышуу. Бардык бул стратегиялардын ортосунда кайчылаш жана бири-бирин колдоочу байланыш бар. Мисалы, Кытай Эл Республикасынын маалымат каражаттарынын жергиликтүү болушу, өзгөчө, дипломатиялык каналдар аркылуу КЭРдин жергиликтүү органдарына жана жергиликтүү элиталарына түз жетүү менен айкалышканда, КЭРге ылайыкташтырылган жергиликтүү материалдардын өндүрүштүк потенциалын бекемдейт.

Кыргыз Республикасында Кытай Эл Республикасынын жогорку позитивдүү катышуусу бар бардыгы 22 маалымат платформасы бар. Алардын КЭРге ылайыкташтырылган мазмундары түздөн-түз КЭРдеги демөөрчүлүк сапарлары жана атайын окуу программалары жана/же КЭР медиа каражаттарынын макулдашылган жана төлөнүлгөн кошумчалары тууралуу туруктуу түрдө камтылган. КЭРге болгон сапарлары тууралуу материалдарын жарыялоо боюнча катуу шарт жок болгонуна карабастан, бул сапарларга жана атайын тренингдерге катышкан кыргызстандык журналисттердин көбү Кытай Эл Республикасынын инструкторлорунан сапар учурунда же андан кийин үйрөнгөндөрү тууралуу материалдардарын басып чыгарышкандарын  байкоого болот. Көбүнчө кыргыз журналисттери күндөлүк стилинде жазылган Кытай Эл Республикасы тууралуу материалдарды жарыялашкан. Мисалы, заводдорго болгон турларды чагылдырган жана алган таасирлерин жазып чыгарышкан. Иш жүзүндө КЭР тарабынан багытталган журналисттердин көпчүлүгү КЭРдин жакшы жактарын жарыялаган бир жактуу пропагандасынын таасирлерин аңдап түшүнүшөт.  Көпчүлүк журналисттерге материал жаратуу үчүн, атайын саякаттарга чыгып жана тренингдерге катышуу ыңгайлуулукту жаратпайт. Ал эми КЭРдин инструкторлорунан алынган материалдарды жарыялоо прагматикалык тандоо болуп саналат.

Кеминде 9 кыргызстандык ЖМК КЭР субъектилери менен кызматташуу келишимине кол коюшту, алардын айрымдары 2000-жылдардын башында түзүлгөн. Бул келишимдердин масштабы ар түрдүү: Кыргызстандын медиа уюмдарына жарыяланган мазмунду өз каалоосу боюнча эркин басып чыгарууга уруксат берүү, Кытайда жарыяланган ата мекендик жана дүйнөлүк жаңылыктарды үзгүлтүксүз жарыялоого милдеттендирүү жана ошондой эле алардын отчётторуна атайын акы төлөнгөн мазмундарды камтуу жана башка келишимдер  кирет. Бул кызматташуу келишимдери тууралуу жалпыга жеткиликтүү болгон бир нече маалыматтарга ылайык, мисалы КТРКнын мурдагы директорунун «Фейсбуктагы» билдирүүсүндө, КТРК 2017-2020-жылдар аралыгында КЭРден 700 000 АКШ доллары өлчөмүндө үгүт-насаат программасын күн сайын көрсөтүү үчүн, ошондой эле анын аналогдук версиясын радиостанциясында берүү  үчүн алынгандыгы маалым болгон. Бирок, КЭРдин маалымат каражаттарынын материалдарын кыргыз ЖМКсына киргизүүдө кыргыз медиасы КЭРге өз маалымат каражаттарынын материалдарын текшерүүгө жана контролдоого жол берет. Ошентсе да,

КЭР медиасы көбүнчө кыргыз коомчулугунун табитине ылайыкташа албайт. Себеби бул жергиликтүү маанидеги маселелерди түшүнбөгөндүктөн улам келип чыгат.

КЭРдин Кыргыз Республикасындагы элчилиги КЭРге ылайыктуу контентти пландаштырууда жана координациялоодо эң маанилүү ролду ойнойт, ал Кыргызстандын айрым медиа уюмдарына түздөн-түз жана кыйыр түрдө колдоо көрсөтөт, мисалы, каржылоо, жабдуулар жана КЭР боюнча акысыз консультацияларды берүү аркылуу. Кеминде 5 респондент берген интервьюларында Шинжаң маселелери боюнча кабарлардын жоктугун элчилик менен кызматташууну бузуп алуу коркунучу менен түшүндүрүштү. Кыргыз журналисттерине жана ММК кызматкерлерине тышкы саясатты артык саноосуна таасир этүү аракеттери байкалууда.

Кыргызстандын тышкы иштер министрлиги 2022-жылы жарыялаган тизмеге ылайык, Кыргызстанда чет элдик ЖМК (Жалпыга Маалымдоо Каражаттары) катары катталган КЭРден үч ЖМК бар. Булар «Синьхуа» маалымат агенттиги, «Вен Вэй По» жана «Жибек Жолунун байкоочусу» (Наблюдатель шелкового пути) гезиттери болуп саналат. Ошондой эле Кытай Эл Республикасынын дагы эки медиа мекемеси бар: «Долон ТВ» жана «Контимост». Алар чет элдик маалымат каражаттары катары катталбастан, жергиликтүү жеке медиа катары иштешет. Бул КЭРдин массалык информация каражаттарынын көпчүлүгү КЭРдин пропаганда департаменти менен түздөн-түз байланышы бар жана Кытай өкмөтүнөн финансылык жардам алып турат. Ошол эле учурда өздөрүнүн жергиликтүү каналдары жергиликтүү кыргыз аудиториясына өтө начар жеткирилгенине карабастан, алар Кытай жөнүндө жергиликтүү тенденциялар жана окуялар менен шартталган достук контентти камтыган материалдарды тынымсыз даярдап, таркатышат. Бул КЭР медиа уюмдары Кыргыз Республикасында иштеген КЭР субъектилери менен жергиликтүү медиа уюмдарынын ортосунда иш жүзүндө ортомчулар болуп саналат. КЭРдин бул ЖМКлары чындыгында Кыргыз Республикасында иштеп жаткан КЭР уюмдары менен жергиликтүү ЖМКнын ортосунда ортомчулар болуп саналат. Эң негизгиси, Кытай Эл Республикасынын ЖМКларынын жергиликтүү болушу, кыргыз ЖМКларына КЭРге ылайыктуу контентти берип, редакциялык цензуранын жана маалымат мазмундардын жайылышын максималдуу деңгээлде камсыздайт.

Коомдук медиа КЭР маалымат операцияларына акыркы кошумча болуп калды. Кытайда орус тилинде иштеген ондогон таасирдүү адамдар жана социалдык медиа баракчалары бар. Алардын айрымдары Кыргыз Республикасындагы аудиторияга багытталган жарнамаларды жайгаштырышкан. Алардын мазмуну КЭРдин маданий окуяларын, жеке жашоо образын, ички жана дүйнөлүк жаңылыктарга жеңил комментарийлерди, тамак-аш жана туризм окуяларын камтыйт, баары орус тилинде. Алардын мазмуну КЭРдин геосаясий кызыкчылыктарын жана позицияларын илгерилетүүгө жардам берип жатканын, мисалы, АКШны алсыз өлкө катары көрсөтүү, Кытайдын Тышкы иштер министрлиги тараптан жарыяланган, көзгө жаш алдырган Украинадагы согуш тууралуу билдирүүлөрдү байкоого болот. 1992-жылдан бери КЭРдин кыргыз медиа тармагына кирүү стратегиялары өзгөчө социалдык медиага болгон акыркы бурулуш менен чогуу өзгөрүүгө ээ болуп келатат.

Бул отчёттун басымдуу далили Кытайдын медиа тармагына, технократтарга жана массалык маалымат каражаттарынын аудиториясына багытталган активдүүлүгүн көрсөтүп турат. Кытайдын бүтүндөй коомуна таасир көрсөтүү ыкмасы Борбор Азияда барган сайын көбүрөөк байкалууда. Практикада Кытайдын таасир берүү ыкмасы КЭРдин максаттуу секторлору менен субъекттеринин ортосунда көз карандылыкты түзүүгө негизделген. Кыргыз Республикасынын медиа тармагында КЭР өлкөдөгү салыштырмалуу эркин маалымат мейкиндигинен пайдалана алды. Кыргыз Республикасынын медиа мейкиндигинде чет элдик таасирлерден медиа манипуляцияларды башкаруу үчүн чечүүгө мүмкүн болгон аялуу чөйрөлөр бар экендиги анык.

Алдыга карай, Кыргыз Республикасы Кытайдын медиа тармагына катышуусунун туруктуу өсүшүн күтсө болот. Медиа кызматташтыгынын негиздери Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздук кызыкчылыктарын чагылдырууга ылайыкташтырылып, демилгелер Кыргызстандын ички саясий иштерине кийлигишпеши керек. Эгерде чара көрүлбөсө, Кытайдын кызыкчылыгын канааттандыруу Кыргызстандын медиа тармагын мамлекеттин орчундуу маселелер боюнча расмий позициясына таасир этүүчү куралга айландырышы мүмкүн. Чет элдик өнөктөш менен иштөөдө пайданы максималдуу көбөйтүү жана тобокелдиктерди азайтуу ар бир өлкөнүн кызыкчылыгы, ошол сыяктуу КЭР да бул боюнча четте калбайт.

# КИРИШҮҮ

Батыш тарабынан Кытай менен 3000 чакырым чек араны бөлүшкөн Борбордук Азия Кытай Эл Республикасынын (КЭР) кыска жана узак мөөнөттүү максаттарында маанилүү роль ойнойт. Советтер Союзунан эгемендик алгандан бери бул аймак бардык фронттордо КЭРдин болуп көрбөгөндөй деңгээлдеги катышуусуна туш болууда. Бул байланыштар саясий, экономикалык жана социалдык чөйрөлөрдө тез темп менен өнүгүп жатат. Көбүнчө саясий жана экономикалык байланыштар Борбордук Азиядагы жана башка жерлердеги таасирдин эң көрүнүктүү жана жергиликтүү талкууланган аспектилери болуп саналат. Бул көбүнчө саясий элитанын иштерине коомчулуктун көңүл буруусунун даражасына жана соода статистикасы боюнча коомдук маалыматтын жеткиликтүүлүгүнө байланыштуу. Тескерисинче, Кытайдын башка секторлордогу катышуусу, мисалы, аскер, укук, билим берүү жана медиа секторунда иштегендердин технократтык мүнөзүнөн улам азыраак байкалат.

Кытай Эл Республикасынын бул башка секторлордогу катышуусу, саясий жана экономикалык чөйрөлөрдөгүдөй эле активдүү десек жаңылышпайбыз. Чет өлкөлөрдө өз максаттарын жайылтууда жана дүйнө жүзү боюнча окуяларды калыптандырууда Кытай өз максаттарына жетүү жана билдирүүлөрүн жайылтуу үчүн бүтүндөй коомду колдонот. Бул бардык тармактарда, анын ичинде саясий, бизнес, аскердик, укук коргоо органдары, медиа, академиялык жана технология тармагында достук мамилелерди курууну жана бул секторлор менен КЭРдин ортосунда көз карандылыкты түзүүнү талап кылат.

Барган сайын глобалдык таасирди түзүү жана өлкөлөрдү Кытайдын орбитасына тартуу – бул Кытай Эл Республикасынын саясатына практикалык колдоону түзүү гана эмес, КЭР тарабынан бекитилген ченемдердин жана баалуулуктардын жыйындысын жайылтуу болуп саналат. Акыр-аягы, башка өлкөлөр Кытайды ички жана глобалдык маселелерде чындап коргоодо колдоно ала турган КЭР нормаларын жана баалуулуктарын кабыл алышы күтүлүүдө. Бул түшүнүк Кытайдын ар кандай тышкы саясий документтеринде кеңири баяндалат жана «ой жүгүртүү» (思想工作) деп аталат.[1] Эң негизги формасында ал КЭРге ыңгайсыз болгон башка маалыматтардын акырындык менен четке кагылышына алып келүү үчүн жана КЭРге ылайыктуу билдирүүлөрдү жаратууну көздөйт. Ошентип, КЭРдин таасирине болгон алсыздыкка олуттуу баа берүү үчүн тигил же бул өлкөнүн бардык жабыркаган секторлорун комплекстүү изилдөөнү талап кылат.

Медиа сектор массалык коммуникация жана маалымат таратуунун маанилүү стратегиялык ролун аткарат. Өлкөдө Кытай өкмөтү басма сөз эркиндигинин жана маалыматка жетүүнүн формалдуу конституциялык кепилдиктерине карабастан, өзүнүн маалымат чөйрөсүн онлайн жана оффлайн режиминде көзөмөлдөөнү өздөштүргөн. Жалпыга маалымдоо каражаттарын катуу маалымат мыйзамдарына баш ийдирип, жеке адамдардын оозун жигердүү түрдө басуу менен Кытай сынчыл үндөрдү дээрлик жок кылуу абалына жетти. 2021-жылы Кытай Чек арасыз кабарчылар (RSF) уюмунун 2021-жылдагы басма сөз эркиндигинин дүйнөлүк индексинде 180 өлкөнүн ичинен 177-орунга ээ болгон.[2]
КЭР да чет өлкөлөрдөгү информациялык чөйрөнү контролдоо зарылдыгын моюнга алат. Учурдагы изилдөөлөр көрсөткөндөй, Кытай Эл Республикасы, жок эле дегенде, КЭРге ылайыктуу баяндарды чыгаруу жана КЭРге каршы катары кабыл алынган билдирүүлөрдү басуу үчүн чет өлкөдөгү маалымат каражаттарына активдүү таасир этет. Ал муну төмөнкү аркылуу кылат:

- КЭРге ылайыктуу баяндарды үгүттөгөн чет элдик маалымат каражаттарына жарнамалык материалдарды жайгаштыруу, КЭРдин жарнамаларга төлөнгөн кирешелерге көз карандылыкты түзүү, кысым көрсөтүү жана/же редакторлор талапты аткарбаса, жарнамаларды чыгаруудан баш тартуу;

- Чет элдик маалымат каражаттарына КЭРге ылайыктуу баяндардын чыгарылышына көмөктөшүү үчүн PR компанияларды жалдоо;

- Чет элдик массалык маалымат каражаттарынын биригиши жана кошулушу жана Кытай Эл Республикасына каршы материалдарды чагылдыруудан оолак болуу үчүн сатылып алынган маалымат каражаттарына кысым көрсөтүү;

- Чет элдик журналисттерди КЭР боюнча репортаждары үчүн кубаттоо жана жазалоо, окутуу жана Кытайга сапарларды сунуштоо, иштен бошотуу, дипломатиялык жана юридикалык коркутуулар аркылуу.[3]

Булар белгилүү мисалдар гана болуп саналат. Кээ бир өлкөлөрдө бул тактика журналистиканын байкоочу жана негиздүү чечимдерди кабыл алууга мүмкүндүк берүүчү платформа катары табиятын бузууда абдан натыйжалуу. Атүгүл өз өлкөлөрүнүн ичинде да көптөгөн журналисттердин жана ЖМКлардын КЭРге тиешелүү курч маселелер жана жергиликтүү иштер боюнча маалымат берүү эркиндиги чектелген. Колго алынган ошол маалымат каражаттары КЭРдин көз карашын жайылтуунун, Кытайдын алдамчы позитивдүү имиджин сактоонун жана жабыр тарткан өлкөлөрдөгү маалыматтуу тышкы саясий дискурска коркунуч келтирүүнүн куралы болуп калат.

Кытай Эл Республикасынын медиа таасирине анча туруштук бербеген өлкөлөрдүн арасында Кытайдын маалымат секторундагы таасири өлкөнүн чет өлкөлөрдөгү имиджин көзөмөлдөөнүн чегинен чыгып бараттат. Кармалган (же колго алынган) маалымат каражаттары Кытайдын ички жана дүйнөлүк саясатына чет элдик колдоо көрсөтүү иллюзиясын сунуш кылган ички пропаганданы түзүү үчүн колдонулат.[4] Кытай ошондой эле союздаш режимдерди колдоо үчүн ички маалымат каражаттарын көзөмөлдөө тажрыйбасын экспорттоду. Камбоджада далилдери көрсөткөндөй, Пекин өлкөгө маалымат каражаттарын көзөмөлдөө жөндөмүн экспорттогондон кийин, Кытай Эл Республикасына ынак Хун Сен режими 2018-жылдагы парламенттик бардык 124 орунга ээ болгон шайлоодо жеңип алган, мурунку шайлоодо 68 гана орунга ээ болгон; Вьетнамда 2018-жылы Пекиндин кибер-коопсуздук мыйзамынын импорттолушу режимдин интернетти катуу контролдошуна шарт түзүп, маалымат жана сөз эркиндигин чектөөгө алып келди.[5]

2020-жылдын октябрында Европа Биримдигинде (ЕБ) Инвестицияларды текшерүү боюнча регламент күчүнө кирди.[6] Регламент Евробиримдиктин аймагында инвестицияны текшерүү стандарттарын, анын ичинде коопсуздукту жана коомдук тартипти бузуу жана дезинформацияны жайылтуу үчүн чет элдик душмандык күчтөрдүн маалымат каражаттарын колдонуусун шайкеш келтирүүгө багытталган. 2016-жылдын декабрында АКШда «Чет элдик пропагандага жана жалган маалыматка каршы күрөшүү» мыйзамы күчүнө кирди.

КЭРди Борбордук Азиядагы маалыматтык таасирдин актору катары караган эч кандай изилдөө жүргүзүлгөн эмес. Миллиондогон этникалык уйгурлар, дунгандар, казактар, кыргыздар жана тажиктер тарыхый жактан көчмө калк болуп, бүгүнкү күндө Кытайдын Борбордук Азия менен болгон чек арасынын эки тарабында, Шинжаңда (Чыгыш Туркестан) жана Борбордук Азия мамлекеттеринде жашап келишет. Эгемендүүлүккө ээ болгондон бери, Чыгыш Түркстандын эгемендигине регионалдык коомчулуктун колдоосунан улам, КЭР маалымат таасиринин өзгөчө бутагына айланды.

Кыргыз Республикасы 1992-жылдын январь айында КЭР менен дипломатиялык мамилелерге кирген. Ал Шинжаңдагы Кызылсу Кыргыз автономдук префектурасы менен болжол менен 1000 чакырым чек араны бөлүшөт, анын калкынын басымдуу бөлүгүн этникалык кыргыздар түзөт. [7] Кыргыз Республикасы Шанхай Кызматташтык Уюмунун (ШКУ) негиздөөчүсү болуп саналат жана Кытай Эл Республикасынын Шинжаңдагы саясатына дипломатиялык жана практикалык колдоо көрсөтүп келет. Ошондой эле Кыргыз өкмөтү 2021-жылдын июнь айында КЭРдеги адам укуктарынын абалын колдоо боюнча 69 өлкөнүн биргелешкен билдирүүсүнө катышып, 2000-жылдардын башынан бери ондогон кытай этникалык азчылыктарын КЭРге өткөрүп берген. Пандемияга чейин КЭР Кыргыз Республикасынын эң ири соода өнөктөшү болгон, анын басымдуу бөлүгүн импорт түзгөн. 2021-жылы Кыргызстандын тышкы карызынын 41,9 пайызды Кытайдын саясат банктарына таандык болгон, бул анын ИДПсынын төрттөн бирине жакынын түзгөн.[8] Борбордук Азиядагы демократиялык милдеттенме алган жападан жалгыз өлкө катары Кыргыз Республикасы жана анын жарандары салыштырмалуу эркин жана көз карандысыз маалымат каражаттарын колдонуу мүмкүнчүлүгүнө ээ.

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ ДЕМОКРАТИЯНЫН АБАЛЫ ЖАНА КЭР МЕНЕН БОЛГОН МАМИЛЕЛЕРИ

*2021-жылы Кыргыз Республикасы басма сөз эркиндигинин дүйнөлүк индексинде 180 өлкөнүн ичинен 79-орунда;[9] Демократия индекси боюнча 167 өлкөнүн ичинен 115-орунда;[10] жана Мыйзам үстөмдүгү индекси боюнча 139 өлкөнүн ичинен 99-орунда турган.[11]*

*Кыргыз Республикасы өзүнүн демократиялык башкаруу түзүмү боюнча чөлкөмдөн өзгөчө деп эсептелгени менен, анын демократиялык структурасы акыркы беш жылда тез начарлап кеткен. 2017-жылдагы президенттик шайлоодон кийин Жээнбековдун администрациясы Конституцияга өзгөртүүлөрдү киргизүү демилгесин көтөрүп, өкмөттүн ыйгарым укуктарын жана саясий партиялардын коалициясын күчөткөн жана бекемдеген. Ошол эле учурда “Конституциянын атасы” аталган Өмүрбек Текебаев коррупция боюнча кармалып, 8 жылга эркинен ажыратылып, коомдук иштерден четтетилген.[12] 2019-жылы Бажы кызматынын мурдагы кызматкери Матраимов катышкан өлкөдөгү эң ири коррупциялык жаңжалды ашкерелеген иликтөөчү журналисттер Жээнбековдун коррупция менен күрөшөм деген убадасына карабай, коркутууларга жана камакка алууга дуушар болушкан.[13]*

*2020-жылдагы парламенттик шайлоолор добуштарды сатып алуу жана бурмалоо боюнча айыптоолор менен коштолуп, оппозициялык партиялар шайлоонун жыйынтыгына наразычылык билдиришкен.[14] Түн ичинде Кыргыз Республикасы бүткүл улуттук баш аламандыкка күбө болду, стратегиялык мамлекеттик жана коммерциялык имараттар, ошондой эле мамлекеттик кызмат орундары талкаланып, басып алынды, талап-тоноолор болду. Айрым саясий топтор Садыр Жапаров менен Алмазбек Атамбаев баш болгон бир нече саясий туткундарды бошотту.[15] Биринчисин коогалаң учурунда кызматтан кеткен Жээнбеков дароо эле президенттин милдетин аткаруучу кылып дайындаган. 2021-жылы президенттик шайлоо өтүп, Жапаровдун бийликке келиши менен аяктады.*

*Жапаровдун администрациясы конституциялык референдумду өткөрүп, саясий бийлик структурасын президент менен бийликти борборлоштурган президенттик башкаруу системасына ийгиликтүү өзгөрттү. Бул структура адегенде 2000-жылдары зордук-зомбулук революцияларына алып келген. Өткөөл мезгилден кийин Демократиянын индекси Кыргыз Республикасынын режиминин белгисин гибриддик демократиялык режимден авторитардык режимге өзгөрттү.[16] Жапаровдун администрациясы ошондой эле бийликке мамлекет тарабынан «фейк» же «так эмес» деп эсептелген онлайн маалыматты алып салууга мүмкүндүк берген мыйзамдык базаны кабыл алды.[17] 2022-жылы Жапаровдун администрациясы өлкөдөгү эң ири өнөр жай объектиси-Кумтөр алтын кенин улутташтырган. Бул кенди иштеткен канадалык “Центерра” компаниясынын сотко кайрылуусуна, ошондой эле көйгөйлүү юридикалык процедураларга жана ыңгайсыздыкка алып келди.*

Бул изилдөө ЖМК менен чет өлкөлүк өнөктөштөрдүн жана инвесторлордун, өзгөчө башка демократиялык өлкөлөрдөн келген конструктивдүү мамилелерге эч кандай тоскоолдук кылууну көздөбөйт. Чет өлкөлүк өнөктөштүк көп учурда бир нече юрисдикцияларды камтыган жана глобалдашкан дүйнөдө барган сайын кеңири таралган окуяларды чагылдыруунун негизги шарты болуп саналат. Бирок, демократияны жактай турганын жарыялаган кайсы гана өлкө болбосун, коомчулукка маалымат берип, үчүнчү тараптардын маалымат манипуляциясынан коргошу керек.

# МЕТОДОЛОГИЯ

Жогоруда айтылгандарды эске алуу менен, автор Борбордук Азиядагы Кытай Эл Республикасынын ММКларынын өз ара аракеттенүүсүнүн тактикасын, баяндоолорун жана натыйжалуулугун изилдөө үчүн эки жылдык изилдөө долбоорунда Кыргыз Республикасын кейс окуу катары колдонууну чечти. Изилдөөнүн негизги суроосу КЭР Кыргыз Республикасындагы салыштырмалуу эркин маалымат мейкиндигин канчалык натыйжалуу пайдаланып жатат. Бул изилдөө долбоорунун натыйжасы Кыргыз Республикасында жашаган калк үчүн маалыматтын ачыктыгын жогорулатууга жана КЭРдин мисалында чет элдик актор коомдук маалыматты кантип манипуляциялоого аракет кыла аларын мисал келтирүүгө багытталган. Кошумчалай кетсек, бул изилдөөнүн натыйжалары бул манипуляцияларды жана саясаттарды жүргүзүүгө мүмкүндүк берген алсыз жерлерин аныктоо аркылуу өнүгүүгө, көмөктөшүүгө багытталган, ошону менен Кыргызстандын медиа секторун анын демократиялык милдеттенмелерине доо кетирүүчү тышкы таасирлерден коргоого жардам берет.

Бул жогоруда айтылган максаттарды камтыган үч отчёттун сериясынын биринчи отчёту. Биринчи отчёттун негизги максаты – КЭРдин позитивдүү контентти жайылтуу үчүн тике жана кыйыр тактикаларды колдонуу менен Кыргыз Республикасындагы маалымат мейкиндигине кандай таасир тийгизерин түшүнүү. Биринчи отчётто КЭРге ылайыктуу маалымат каражаттарынын контент-анализи жана алардын натыйжалуулугу боюнча изилдөөнүн кийинки этаптары үчүн маалыматтарды берет деп күтүлүүдө, алар тиешелүүлүгүнө жараша экинчи жана үчүнчү отчёттордо көрсөтүлөт. Бул изилдөөдө маалымат мейкиндиги коомчулукка акысыз жана жеткиликтүү маалыматты сунуш кылган ар кандай каналдар катары аныкталган.

Салттуу медиага басым жасоонун ордуна, бул изилдөө долбоор үчүн жеткиликтүү болгон убакытты жана ресурстарды, коомдук маалыматты сунуш кылган бардык аянтчаларды жана маалымат таратууда жана коомдук пикирди калыптандырууда роль ойногон инсандарды мүмкүн болушунча камтуу максатында маалымат мейкиндигинин кеңири аныктамасын кабыл алды. Мазмуну жана/же кесиби КЭР менен тыгыз байланышта болгон платформа же жеке адам, мындай тартуу табияты боюнча достук же ыңгайсыз экендигине карабастан, катышуу деп түшүнүлөт. КЭР ар дайым негизги улуттук максаттарга жетүү үчүн жана инструменттерге ээ болуу үчүн бир нече секторлордо таасир тийгизүүнү көздөйт. Ал эми бул таасирлер ошол кездеги Кытайдын кызыкчылыктарына жараша ар кандай колдонулат.

Бул өзгөрүүлөрдү, айрыкча, жергиликтүү массалык маалымат каражаттарындагы баяндоолорду чагылдыруу үчүн, бул изилдөө достук жана ыңгайсыз мүнөздөгү мазмунду карайт. Достук мүнөздөгү мазмун Кытайдын ичиндеги жана тышындагы саясаттарына позитивдүү колдоо көрсөтүп, өз ара катышуу аспектилерин баса белгилейт. Мисалы, КЭРди жардамдын жана стипендиянын шартсыз донору катары, ички өнүгүүнүн ийгилиги жана тажрыйба алмашуу, маданий окшоштуктар жана жергиликтүү өлкө менен тарыхый мамилелерди ж.б.у.с. аспектилерин баса белгилейт. Баса белгилей кетчү нерсе, КЭР тууралуу ыңгайсыз мүнөздөгү контенттердин бардыгы эле КЭРди сындап же КЭРдин терс иш-аракеттерин баса белгилебейт. Анын ордуна КЭР саясатына пайдалуубу же жокпу дегенге басым жасайт. Ал эми, ыңгайсыз мүнөздөгү мазмундар - булар КЭРдин адам укуктарынын бузулушу, чет элдик жумушчу күчүнүн көйгөйлүү мамилелери, чет мамлекеттердеги экологиялык булгануулар, кытайлыктардын нааразычылыктары жана Кытай Эл Республикасына жергиликтүү экономикалык көз карандылык жана башкалар.

Бул аныктамалар КЭР үчүн достук же ыңгайсыз мүнөздөгү мазмунду жакшыраак түшүнүүгө жардам берет. Бул аныктамалар КЭР үчүн достук же ыңгайсыз мүнөздөгү мазмунду жакшыраак түшүнүүгө жардам берет. Ушуну эске алуу менен, бул изилдөө коомдук маалыматтарды жайылтууда жана маалымат таратууда роль ойногон адамдарды сунуштаган платформалардын алты категориясын изилдеген. Булар:

- Кыргызстандын мамлекеттик жана жеке менчик салттуу маалымат каражаттары, мисалы, гезиттер, телевидение жана радио;
- Кыргыз Республикасында иштеп жаткан КЭР тарабынан каржыланган ЖМКлар;
- Кыргызстандагы саясат, бизнес, оюн-зоок, дин сыяктуу секторлордогу алдыңкы социалдык медиа таасир этүүчүлөрү;
- «Фейсбук» топтору сыяктуу жарандык медиа;
- Телекөрсөтүү жана кино өнөр жайы;
- Журналистика программаларын сунуш кылган жергиликтүү университеттер.

Адегенде бул изилдөө Кыргызстандын 154 активдүү мамлекеттик жана жеке салттуу медиа уюмдарынын; Кыргыз Республикасында иштеген КЭР тарабынан каржыланган беш активдүү салттуу медиа субъектилеринин; 78 кыргызстандык социалдык тармактардын алдыңкы таасир этүүчүлөрүнүн; 33 белгилүү жарандык медиа топторунун; Кытай Эл Республикасына байланыштуу үч кыргыз тасмаларынын; жана журналистика программаларын сунуш кылган 15 жергиликтүү университеттердин тизмесин чогултуу менен баштаган. Бул тизмелердин негизинде маалым болгон КЭР менен болгон мамилелери тууралуу ар бир кыргыз субьектилерин ачык маалымат булактарынан орус, кыргыз жана кытай тилдеринде издөө жүргүзүлдү. Кошумча ачык булактардан кытай тилинде да «Кытай-Кыргызстан медиа кызматташуусу» деген ачкыч сөздөрдү колдонуу менен издөө жүргүзүлдү. (中国吉尔吉斯斯坦媒体合作), «Кытай-Кыргызстан медиасы» (中国吉尔吉斯斯坦媒体), «Кытай-Кыргызстан журналист» (中国吉尔吉斯斯坦媒体记者); жана орус тилинде ошол эле төмөнкү негизги сөздөрдү колдонуу менен издөө жургузулду; «Кытай-Кыргызстан медиа кызматташуусу», «Кытай-Кыргызстан медиасы», «Кытай-Кыргызстан журналист».

Бул ачык булактан издөө процесси КЭР менен эң көп алектенген категориялары боюнча 40тан ашык изилдөө субъекттерин түздү. Субъекттердин бул тизмеси жана алардын КЭР менен өз ара иш-аракеттеринин ачык булактан алынган далилдер интервью алуу үчүн суроолорун түзүүгө жана бул иш-аракеттерге катышкан адамдарды аныктоо үчүн колдонулган. 2021-жылдын ноябрь айынан 2022-жылдын февраль айына чейин Кыргызстандын борбору Бишкек шаарында, түштүктөгү эң ири Ош шаарында жана онлайн режиминде медиа-эксперттер, КЭРге жакындыгы аныкталган кыргыз ЖМКларынын учурдагы жана мурдагы кызматкерлери менен, КЭР каржыланган ЖМКлар, жергиликтүү медиа бейөкмөт уюмдары, жеке ММКлар, аныкталган жарандык медианын учурдагы жана мурдагы администраторлору, социалдык медианын таасир этүүчүлөрү, киноиндустриясынын лидерлери, журналистика боюнча окутуучулар жана коомдук талкууда КЭР темалары менен алектенген саясатчылар менен жалпысынан 73 интервью өткөрүлдү (1-тиркемени караңыз. Маектешкендердин тизмеси).

## Долбоордун көлөмү жана чектөөлөрү

Бул изилдөөдө колдонулган маалымат мейкиндигинин кеңири аныктамасы платформанын мазмуну жана/же адамдын КЭРге болгон мамилеси досчул же тескерисинче экендигине карабастан, мүмкүн болушунча көбүрөөк катышуучуларды камтуу үмүтү менен кабыл алынган. Аныктаманын бул кеңдигин эске алганда, фактыларды аныктоо процессине алты ай сарпталды. Бул процесс негизинен ачык булактагы изилдөөгө жана тандалган респонденттердин интервьюсуна таянган. Ал эми 40тан ашык изилдөө субъекттери КЭР менен болгон байланышын көрсөткөн далилдерди аныкталган. Жалпысынан КЭР менен эң көп катышкан ЖМКлар салттуу кыргыз ЖМКлары болуп саналат, алардын ичинен жалпысынан 17си КЭР субъектилеринен кайрымдуулук алган, КЭР субъекти менен кызматташуу келишимине кол коюу жөнүндө келишимдер болгон; КЭРге ылайыктуу эксклюзивдүү материалдарды тез-тез таратып турушкан мисалы Кытай Элчиси менен маектешүү жана анын макалаларын жарыялашкан, КЭРдин Кыргыз Республикасындагы коммерциялык ишмердүүлүгү жөнүндө жигердүү кабарлап жана/же медиа форумдарга же КЭРге демөөрчү болгон сапарларга жана тренингдерге катышышкан.

Ачык булактагы изилдөө процессинин алкагында, адабияттарды карап чыгууда жалпысынан Кыргыз Республикасындагы медиа сектору боюнча жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн олуттуу жетишсиздиги

аныкталган. Натыйжада, бул изилдөө бийликчил же оппозициялык маалымат каражаттарын аныктоодо мурунку далилдүү изилдөөлөргө таяна алган жок. Мындан тышкары, Кыргызстандын медиа тармагында Кытай Эл Республикасынын таасирин билген изилдөөчүлөр жана эксперттер жетишсиз. Бул боюнча тажрыйба жок болгондугуна байланыштуу, бул изилдөө негизинен изилдөөчүлөрдөн маалымат каражаттарын изилдеп үйрөнгөнүнө жана алардын өз иш-аракеттеринин отчётуна, алардын байкоолоруна таянып аныктоону талап кылды. Изилдөөгө эки медиа-консультант да кошулуп, билимдеги боштуктарды жоюу максатында иш жүргүзүштү. Кошумчалай кетсек, Кыргыз Республикасындагы эң популярдуу платформа болгон «Инстаграм» платформасында камтылган издөө системасы жок болгондуктан, жарандык медианы жана социалдык медианын таасир этүүчүлөрүн изилдөө үчүн социалдык медиада изилдөө жүргүзүү кыйынга турду. Бул изилдөөдө колдонулган «Fanpage Karma» сыяктуу үчүнчү тараптын башкаруу жана талдоо инструменттеринин бар болгондугуна байланыштуу системалуу издөөлөр «Фейсбукта» башкарууга мүмкүн болду. Убакыт чектелүү болгондуктан, бул изилдөө «Twitter», «TikTok», же «WeChat» сыяктуу башка социалдык медиа платформаларын камтыган жок.

Жалпысынан КЭРге эң аз тартылган медиа акторлор журналистика программаларын сунуштаган жергиликтүү университеттер болгон. Бул журналистика бөлүмдөрүнүн бири да Кытай Эл Республикасынын уюмдары менен кызматташкан эмес жана интервью берген окутуучулар Кытайдын Кыргызстандын медиа секторуна тийгизген таасири тууралуу эч кандай маалыматка ээ эмес.

## Бир гана жакшы маанай: Кыргыз ЖМКларындагы КЭР боюнча жарнамалык мазмун

Маалыматтык таасир этүүнүн эң ыңгайлуу жолу болуп КЭРге ыңгайсыз билдирүүлөрдү четке кагуу үчүн КЭРге карата позитивдүү көз караштарды жайылтуу үчүн, КЭРге ыңгайлуу. КЭР тууралуу позитивдүү контентти активдүү жайылтуу болуп саналат. Бул изилдөө Кытайда колдонулган стратегиялардын үч негизги мүнөздөмөсүн тапты: 1) кыргыз ЖМКсына контентти киргизүү; 2) Кытай Эл Республикасынын жалпыга маалымдоо каражаттарынын жергиликтүү болушу жана 3) социалдык медиага катышуу. Бул бөлүмдө бул тактикалар тууралуу жана алар кантип ишке ашырылып жатканы кеңири талкууланат. Жалпысынан алганда, бардык стратегиялардын ортосунда кайчылаш жана бири-бирин колдоочу байланыш бар. Мисалы, Кытай Эл Республикасынын ЖМКларынын жергиликтүү болушу, өзгөчө, дипломатиялык каналдар аркылуу КЭРдин жергиликтүү уюмдарына жана жергиликтүү элиталарына түз жетүү менен айкалышканда, КЭРге ылайыкташтырылган жергиликтүү материалдардын өндүрүштүк потенциалын бекемдейт. Андай мазмун андан кийин аларды кайра басып чыгарган жергиликтүү ЖМКлар менен бекем мамилелердин аркасында жакшыраак бөлүштүрүлөт.

Кыргыз Республикасында КЭРдин позитивдүү катышуусу менен бардыгы болуп 22 маалымат платформасы бар (1-тизмекти караңыз). Жогорку позитивдүү катышуунун эң кеңири таралган көрсөткүчү болуп КЭРден каржылык колдоо алуу, КЭР субъекттери менен кол коюлган кызматташуу келишимдери, КЭРге демөөрчү болгон иш сапарларга ырааттуу катышуу, КЭР субъектилеринен акы төлөнүүчү контентти киргизүү жана КЭР тууралуу тез-тез жарыяланган позитивдүү материалдар кирет.

Кытай Эл Республикасы менен достук мамиледе болгон кыргыз ЖМКларынын көбү мамлекеттик, өлкөнүн эң эски медиа провайдерлеринин бири жана эң белгилүү жана популярдуу маалымат каражаттары болуп саналат.[18] Маселен, «Слово Кыргызстана», «Эркин-Тоо», «Кыргыз Туусу» гезиттери 1920-жылдардан тарта, «Кабар» менен КТРК 1930-жылдардан бери басылып, уктурууда. Кыязы, жергиликтүү деңгээлде өкмөттүн өкүлчүлүктүү үнү катары байкалган бул мамлекеттик ММКлар КЭРге карата мамлекеттик тышкы саясатка ылайык КЭРди достук мамиледе көрсөтүү жана кызматташууну тандап алышкан, бул жакшы көрүнүш. Ошол эле учурда бул мамлекеттик ММКлар кооперативдик өнөктөштөр катары тандалган болушу мүмкүн, анткени алар Кыргыз Республикасында эркин жана кеңири чагылдырылган эң популярдуу маалымат булактары болуп саналат.

## 1-тизмек. Кыргыз Республикасында КЭРдин позитивдүү катышуусу жогору болгон маалыматтык платформалардын тизмеси.

| Аты-жөнү | Медиа түрү | Байланышы бар | | | | | Улуттук бөлүштүрүү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **КТРК** | Мамлекеттик | Каржылоо алган[19] | Кызматташуу келишими [20] | КЭРге демөөрчү болгон сапарлар [21] | Кыстырмалар [22] | Эксклюзивдүү КЭРге ылайыктуу материалдарды тез-тез жайылтуу | 2 миллион күн сайын (2017)[23] |
| **Кабар** | Мамлекеттик | | Кызматташуу келишими[24] | КЭРге демөөрчү болгон сапарлар[25] | Кыстырмалар[26] | Эксклюзивдүү КЭРге ылайыктуу материалдарды тез-тез жайылтуу | 1000 (2019)[27] |
| **ЭлТР** | Мамлекеттик | Каржылоо алган [28] | Кызматташуу келишими[29] | | Кыстырмалар | Эксклюзивдүү КЭРге ылайыктуу материалдарды тез-тез жайылтуу | Күнүнө 1,19 млн (2014)[30] |
| **Пирамида ТВ** | Мамлекеттик | | Кызматташуу келишими[31] | | | Эксклюзивдүү КЭРге ылайыктуу материалдарды тез-тез жайылтуу | |
| **Вечерний Бишкек** | Жеке | | Кызматташуу келишими[32] | КЭРге демөөрчү болгон сапарлар [33] | | Эксклюзивдүү КЭРге ылайыктуу материалдарды тез-тез жайылтуу | Web 25000, басып чыгарылган 40000 (2019)[34] |
| **Слово Кыргызстана** | Мамлекеттик | | Кызматташуу келишими[35] | КЭРге демөөрчү болгон сапарлар [36] | | Эксклюзивдүү КЭРге ылайыктуу материалдарды тез-тез жайылтуу | 20000 (2016) [37] |
| **Кыргыз Туусу** | Мамлекеттик | | Кызматташуу келишими[38] | | | | 20000 (2016)[39] |
| **Эркин-Тоо** | Мамлекеттик | | | | | Эксклюзивдүү КЭРге ылайыктуу материалдарды тез-тез жайылтуу | 10000 (2016)[40] |
| **АКИpress** | Жеке | | | КЭРге демөөрчү болгон сапарлар [41] | | | Web 15000 (2019)[42] |
| **24.kg** | Жеке | | | КЭРге демөөрчү болгон сапарлар [43] | | | Айына 3,9 млн (2019)[44] |
| **Санат ТВ** | Жеке | | | | Кыстырмалар[45] | | |
| **Миң Кыял FM** | Жеке | | | | Кыстырмалар | | 613,419 жума сайын (2012)[46] |
| **Биринчи радио** | Мамлекеттик | | | | Кыстырмалар | | 247,000 күн сайын (2016)[47] |
| **Кыргыз радиосу** | Мамлекеттик | | | | Кыстырмалар | | 456,131 жума сайын (2012)[48] |
| **Ынтымак ТВ** | Мамлекеттик | | Кызматташуу келишими[49] | КЭРге демөөрчү болгон сапарлар [50] | | | 2.5 млн (2017)[51] |
| **Керемет ТВ** | Жеке | | Кызматташуу келишими[52] | КЭРге демөөрчү болгон сапарлар [53] | | | |
| **Алмаз радио** | Жеке | | | КЭРге демөөрчү болгон сапарлар [54] | | | 190,226 жумасына (2011)[55] |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Синьхуа** | КЭР | | Кызматташуу келишими | | | Эксклюзивдүү КЭРге ылайыктуу материалдарды тез-тез жайылтуу | |
| **Жибек Жолунун байкоочусу** | КЭР | | Кызматташуу келишими | КЭРге демөөрчү болгон сапарлар | Басып чыгарууга акы төлөнгөн | Эксклюзивдүү КЭРге ылайыктуу материалдарды тез-тез жайылтуу | |
| **Долон ТВ** | КЭР | Каржылоо алган[56] | Кызматташуу келишими[57] | | | Эксклюзивдүү КЭРге ылайыктуу материалдарды тез-тез жайылтуу | |
| **Контимост** | КЭР | Каржылоо алган [58] | Кызматташуу келишими | | | Эксклюзивдүү КЭРге ылайыктуу материалдарды тез-тез жайылтуу | |

## *Турлар аркылуу материалдарды жаратуу*

Башка жергиликтүү ЖМКларга салыштырмалуу КЭР менен тыгыз байланышта болгон 18 кыргыз медиа уюмдарын карап чыгып, КЭРге ылайыктуу контент КЭРдеги демөөрчүлүк сапарлар жана атайын окуу программалары жана/же макулдашылган сүйлөшүүлөр жана акы төлөнүүчү кошумчалары аркылуу түздөн-түз камтылган. Ал кыйыр түрдө КЭРдин Бишкектеги элчилиги аркылуу жана КЭР медиа топторуна мүчө болуу аркылуу киргизилет. Бул иш-аракеттердин көбү 2000-жылдардын башында кыргыз журналисттеринин биринчи тобу 1996-жылы медиа-форумга чакырылгандан кийин, 2004-жылы Кыргыз Республикасында эң биринчи жолу Кытай Эл Республикасына карата үгүттөө программасын обого чыгаруу менен башталган.

Жалпыга жеткиликтүү жазуулардын жана жүргүзүлгөн интервьюлардын негизинде 40тан кем эмес сапарлар жана окутуу программалары документтештирилген (2-тизмекти караңыз). Бул изилдөөнүн жүрүшүндө КЭРдеги сапарларга жана атайын тренингдерге катышкан жергиликтүү журналисттер менен 24 маектешүү өткөрүлдү.[59] Бул жергиликтүү журналисттердин айтымында, алар КЭР элчилигинен (Байланыш бөлүмүнөн), Конфуций институттарынан жана Шанхай Кызматташтык Уюму сыяктуу КЭРдин ар кандай жергиликтүү мекемелеринен чакырууларды алышкан.[60] Кыязы, булар КЭРдин Тышкы иштер министрлиги, Мамлекеттик Кеңешинин Маалымат Бюросу, Соода министрлиги жана Коомдук Дипломатия Ассоциациясы тарабынан борборлоштурулуп пландалган жана башкарылуучу программаларды ошол жерде башкаруу боюнча жоопту КЭРдин жергиликтүү субъекттери болсо керек (2-тизмекти караңыз). Кытай Эл Республикасына ушундай сапарларга барган журналисттердин арасында жогорку жетекчилик кызматтарды ээлегендердин айтымында КЭР элчилиги, адатта, алгач тандалган медиа уюмдарына чакыруу жөнөтүп, сапарга сунушталган журналисттердин тизмесин сурашкан. Ошондой эле КЭРге тез-тез чакырылып турган ЖМКлар КЭРдин субъекттери менен башка позитивдүү байланыштары бар адамдар экенин байкоого болот.

### 2-тизмек. КЭРдеги Кыргызстандын ЖМКлары катышкан турлардын жана тренингдердин тизмеси.

| Түрү | Кыргыз маалымат каражаттары | Дата | Кытай өнөктөшү |
|---|---|---|---|
| **Кытайга саякат** | Жибек-Жолунун байкоочусу[61] | Январь 2020 | |
| **Шинжаңга саякат** | КТРК[62] | Декабрь 2019 | |
| **Шинжаңга саякат** | КТРК[63] | Ноябрь 2019 | |
| **Шинжаңга саякат** | Вечерний Бишкек[64] | Октябрь 2019 | |
| **Тренинг** | Мамлекеттик маалымат кызматы [65] | Сентябрь 2019 | |
| **Тренинг** | КТРК[66] | Сентябрь 2019 | |
| **Тренинг** | ЭлТР[67] | Сентябрь 2019 | |
| **Шинжаңга саякат** | Слово Кыргызстана[68] | Июль 2019 | |
| **Медиа форум** | Вечерний Бишкек[69] | 2019 | |
| **Кытайга саякат** | Слово Кыргызстана[70] | 2019 | |
| **Кытайга саякат** | Жибек Жолунун байкоочусу [71] | 2019 | |
| **Кытайга саякат** | Мамлекеттик маалымат кызматы[72] | 2019 | |
| **Кытайга саякат** | Өкмөттүн басма сөз кызматы [73] | 2019 | |
| **Кытайга саякат** | ЭлТР[74] | 2019 | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **Кытайга саякат** | КТРК[75] | 2019 | |
| **Тренинг** | Белгисиз журналист[76] | Сентябрь 2018 | Соода Министрлиги |
| **Тренинг** | Ала-Тоо 24 (КТРК)[77] | Август 2018 | Соода Министрлиги |
| **Тренинг** | АКИpress[78] | Июль 2018 | Мамлекеттик кеңештин маалымат кызматы |
| **Шинжаңга саякат** | АКИpress[79] | Июль 2018 | Мамлекеттик кеңештин маалымат кызматы |
| **Шинжаңга саякат** | АКИpress[80] | Апрель 2018 | |
| **Тренинг** | Белгисиз журналист[81] | Апрель 2018 | Кытайдын Коомдук дипломатия ассоциациясы |
| **Тренинг** | Долон ТВ[82] | 2018 | |
| **Медиа форум** | Керемет ТВ[83] | 2018 | |
| **Кытайга саякат** | Кабар[84] | Октябрь 2017 | Мамлекеттик кеңештин маалымат кызматы |
| **Медиа форум** | Керемет ТВ[85] | 2017 | |
| **Шинжаңга саякат** | КТРК[86] | Июнь 2016 | Мамлекеттик кеңештин маалымат кызматы |
| **Тренинг** | Белгисиз журналист[87] | Июнь 2015 | Соода Министрлиги |
| **Тренинг** | Кабар[88] | 2015 | |
| **Кытайга саякат** | Жибек-Жолунун байкоочусу[89] | 2015 | |
| **Кытайга саякат** | АКИpress[90] | 2015 | |
| **Кытайга саякат** | Ынтымак ТВ[91] | 2014 | |
| **Кытайга саякат** | Ош ТВ[92] | 2014 | |
| **Кытайга саякат** | Ош Пирим[93] | 2014 | |
| **Кытайга саякат** | АКИpress[94] | 2014 | |
| **Тренинг** | КТРК[95] | 2014 | |
| **Шинжаңга саякат** | 24.kg[96] | Сентябрь 2012 | Мамлекеттик кеңештин маалымат кызматы |
| **Тренинг** | Белгисиз журналист[97] | Июль 2012 | Мамлекеттик кеңештин маалымат кызматы |
| **Тренинг** | Белгисиз журналист[98] | Май 2012 | Мамлекеттик кеңештин маалымат кызматы |
| **Тренинг** | Кабар[99] | 2011 | |
| **Медиа форум** | Кабар[100] | 2008 | |
| **Тренинг** | Кабар[101] | 2008 | |
| **Медиа форум** | Вечерний Бишкек[102] | 2007 | |
| **Тренинг** | КТРК[103] | 2005 | |
| **Кытайга саякат** | КТРК[104] | 1996 | |
| **Кытайга саякат** | Вечерний Бишкек[105] | 1996 | |
| **Кытайга саякат** | Слово Кыргызстана[106] | 1996 | |

Уюштуруучуга жараша бул визиттик сапарлар же жалпы саякаттар же кыргыз аудиториясы үчүн ылайыкташтырылган. Жалпы саякаттар адатта КЭРдин Борбордук жана Чыгыш аймактарында жүргүзүлөт жана Кытайдын маданиятын, тарыхын жана экономикалык өсүшүн көрсөтүү үчүн чайканаларга, музейлерге жана компанияларга турларды кылышат. Ал эми ылайыкташтырылган сапарлар Шинжаңдагы тынч этникалык ынтымакты жана Кытайдагы мусулмандардын жашоосунун жакшы сапатын көрсөтүүгө багытталган. Кээ бир интервью алгандар төмөнкү окуяларды эскеришти:

- 16-маектештин айтымында, «Ар бир шаарга барган сайын бизди Исламды карманган мусулмандар тосуп алышчу, алар бизге мусулмандардын жакшы шартта жашап жатканын жана Кытайда гүлдөп өнүгүү мүмкүнчүлүктөрүн көрсөтүүгө аракет кылышчу»

- 36-маектештин айтымында: «Бизди казак айылына алып барышты, биз Шинжаңда мусулман калкы кысымга алынганын укчубуз, бирок биз алардын эркиндикте тынч жашап жатышканын көрдүк, айыл тургундары Кытай өкмөтүнө ыраазычылыктарын билдиришти.

Биз СССР убагында дубалга Ленин атанын сүрөтүн илгендей, Шинжаңдагы казактардын ар бир үйүндө Си Цзиньпиндин сүрөтү дубалга илинип турат экен.»

- Кеминде 10 жергиликтүү журналисттер бул турлар тууралуу кабардар экенин, КЭРдин эң жакшы жактарын бир жактуу түрдө көрсөтүү үчүн үгүттөө аракети катары билдиришти. Мындай сергек таанып-билүүгө карабастан, аларга көрсөтүлгөн нерселерден алар дагы таасирленгенин түшүндүрүштү.[107]

Негизинен, жергиликтүү журналисттерге бул сапарларга баруу үчүн Кытай тарап кошумча акча төлөгөн эмес. Бул, адатта, узактыгы боюнча атайын окуу программалары менен салыштырылат. Шинжаңда бир айлык окуу программасына катышкан 37-маектештин айтымында, ар бир катышуучуга 20 000 сом (болжол менен 240 АКШ доллар) өлчөмүндө стипендия берилген. 37-маектеш эске салгандай, тренинг Кытай жаңылыктар кызматынын өкүлдөрү тарабынан жүргүзүлүп, ага КЭРдин дүйнөдөгү саясий жана экономикалык абалы сыяктуу саясий темалар камтылган. Тренингдер КЭР тууралуу темалардан тышкары журналисттик нормаларды жана көндүмдөрдү да камтыган. 36 жана 70 маектештер эске салгандай, тренинг программасы чыр-чатактар жана наразычылык акциялары учурунда журналисттердин жүрүм-туруму, сүйлөө ыкмалары, сүйлөө техникалык өнүгүшү жана жабдуулар боюнча сессияларды камтыган. Бул адатта, Кытайдын маданияты жана тарыхы менен таанышууга багытталган сапарларынан айырмаланып турат.

Эреже боюнча, жергиликтүү журналисттер Кытайга болгон саякат учурунда өз тажрыйбалары жөнүндө жазууга милдеттендирилген эмес. Бирок, 4-маектештин айтымында, жергиликтүү медиа башкаруучулары кытай тарапка тандалган медиа кызматкерлерине Кытайга чакыруу сунушун бергенден кийин, ошол медиа башкаруучулары сөзсүз Кытайга саякатка барган медиа кызматкерлеринен Кытайга болгон сапарлары тууралуу материал чыгарууларын сунуштайт жана күтүшөт. 2чи, 7чи жана 16чы маектештердин айтымында, жергиликтүү журналисттер үчүн КЭРге болгон сапарлардын бардык төлөнгөн чыгымдары алар үчүн кызыктырган тажрыйба болуп саналат. Себеби, Кытайдан аларга жаңы материалдарды чыгаруу үчүн, кыргыз маалымат каражаттарында мүмкүн болбогон уникалдуу мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылышат. Интервьюда 8-маектеш эскергендей, кээ бир экскурсия учурларда программанын негизинде, чыгармачыл материал жазуу үчүн, медиа кызматкерлерин камера, операторлор жана башка жабдуулар менен камсыз кылышкан. Ал эми 18-респонденттин айтымында, Кытай-Кыргызстан иштери тууралуу кызыктуу материал жаратуу максатында сапардын айрым сессияларында ой жүгүртүү жана идеялар менен бөлүшүү тууралуу өткөрүлчү. КЭРге барган сапарлар боюнча материалдарды жарыялоо үчүн катуу шарт коюлбаса дагы, КЭРге саякатка барган жана конкреттүү тренингдерге катышкан журналисттердин көпчүлүгү окутуучулардан үйрөнгөн билимдин негизинде материалдарды жарыялашкан. Көбүнчө, кыргыз журналисттери Кытайдан алган таасирлерин, мисалы, заводдорду кыдырган учурларды камтып күндөлүк стилинде материалдарды жазышкан.

## *Басма сөз аркылуу мазмунду киргизүү*

Мазмунду киргизүүнүн дагы бир жолу - бул Кыргызстандын маалымат каражаттарынын уюмдары Кытайдан чыгарылган матералды кайра басып чыгаруу боюнча кызматташуу келишимдер аркылуу ишке ашырылат. Жок дегенде, Кыргызстандын 9 маалымат каражаттары КЭРдин ишканалары менен кызматташуу жөнүндө келишимдерге кол коюшкан (1-тизмекти караңыз). Бул кызматташуу жөнүндө келишимдер 2000-жылдардын башында башталган. Бул контрактта кыргыз медиа уюмдары Кытайдын материалдарын акысыз басып чыгаруу, Кытайдын ички жана дүйнөлүк жаңылыктарын үзгүлтүксүз басып чыгаруу, ошондой эле эки тарап биргеликте материал чыгаруу, анын ичинде КЭР тараптан акы төлөнгөн материалдарды чыгаруу сыяктуу келишимдерди камтыйт. Бирок, бул белгиленген макулдашуулардын бардыгы эле Кыргызстан тараптан алып караганда ачык-айкын эмес. КЭР менен мындай келишимдерди түзгөн кыргыз медиа уюмдары КЭР менен келишими жок башка кыргыз медиа уюмдардан айырмаланып, адатта КЭРге жагымдуу жана ыңгайлаштырылган материалдарды тез-тез басып чыгарып турушат. Мисалы, КЭРдин Бишкектеги элчиси менен болгон маектешүүсү, анын жеке ой пикири тууралуу макалалары, КЭРдин ийгиликтүү экономикасы жана маданий темаларды камтыйт.

Коомчулукка жеткиликтүү болгон бул келишимдер тууралуу маалыматтарга таянсак, КЭРдин программаларды көрсөтүү жана уктуруу үчүн ар дайым каржылоо алган КТРК жергиликтүү медиа уюмдарынын арасынан эң алдыңкы медиа болуп саналат. Эң эски акы төлөнүүчү жана буга чейин эң ийгиликтүү деп табылган программа - бул «Жуңгого сапар» программасы, ал түздөн-түз «Кытайга саякат» деп которулат. 2004-жылдан бери КТРКнын башкы каналында «Жуңгого сапар» көрсөтүүсү күн сайын көрсөтүлүп, 30 мүнөттөн 45 мүнөткө чейин көрсөтүлүп келет.[108] «Жуңгого сапар» программасы акыркы жаңылыктарга, Шинжаңдын маданий жана коммерциялык өнүгүүсүнө багытталган. Аны Шинжаң телерадиокомпаниясында иштеген Шинжандык этникалык кыргыздар чыгарышат. Алдын ала байкоолордун негизинде, телепрограмма хан кытайлары менен этникалык азчылыктардын ортосундагы олуттуу ажырымды көрсөтөт, анткени хан кытайлар Шинжаңдагы коммерциялык жана саясий окуялардын жүзү болуп саналат, ал эми этникалык азчылыктар жүн жасоо, жыгач устачылык жана башка ушул сыяктуу маданий иш-аракеттерди сактоо боюнча эксперттер катары көрсөтүлөт. Бул көрсөтүү Синьцзяндын калкын хан кытайлары жетектейт деген олуттуу сезимди жаратууга кызмат кылат, бул программадагы көрсөтүүлөр аркылуу Кытай Коммунистик партиясы Кыргызстандагы советтик эскерүүлөрдү тартуулайт. Ушундай эле «Кытай терезеси» уктуруусу «Биринчи радио» жана «Кыргыз радио» радиолорунда, ошондой эле «Жайдарман» жана «Миң Кыял» FM радиолорунда обого чыккан.

20-маектештин, 2000-жылдардын башында КЭР тарап менен сүйлөшүүлөргө катышкан КТРКнын мурдагы жогорку даражалуу кызматкердин айтымында, «Жуңгого сапар» программасы Кытайда атайын Борбор Азия өлкөлөрү үчүн чыгарылган. Анын казактар, кыргыздар жана башкалар үчүн редакциялары бар. Телепрограмма жана радио уктуруу катары да жеткиликтүү жана учурда [КЭРде] 20дан 40ка чейин адам иштейт». 20-маектеш кошумчалагандай, кыргыз тарап алгачкы жылдары коммерциялык муктаждыктан улам «Жуңгого сапар» көрсөтүүсүн берүүгө макул болгон. Кыргыз тарап алган каражаттар СССРден эгемендүүлүк алгандан кийин мамлекеттик медиа тармагы чабал болуп, жетишсиз каржыланып турган маалда эмгек акыны жогорулатуу жана өндүрүштү колдоо үчүн жабдууларды сатып алуу үчүн каржылык колдоого абдан муктаж болгон. Анын сыңарындай, ЭлТР да 2000-жылдардын башынан бери «Жуңгого сапар» телеберүүсүн берүү боюнча үзгүлтүксүз кызматташуу келишимдерине ээ болгон. ЭлТРдин жогорку даражалуу жетекчилигинин кызматкери, 15-маектештин айтымында, кытайлык каржылоо компания кызматкерлерине айлык акы төлөө жана пенсиялык фондду жабуу үчүн күрөшүп жаткан кризис мезгилде келгенин эске салды.

Материалды чыгаруу баасы түрүнө жана форматына жараша өзгөрөт. КТРКнын мурдагы директорунун «Фейсбуктагы» билдирүүсүнө караганда, медиа уюм Кытайдан 2017-2020-жылдар аралыгында «Жунгого сапарды» күн сайын көрсөтүү үчүн, ошондой эле анын аналогдук версиясын радиостанциясында көрсөтүү үчүн 700 миң АКШ долларын алган.[109] КТРКнын мурдагы жогорку даражалуу кызматкери, ошондой эле келишимден кабардар болгон 20-маектеш билдиргендей, кытайлык каржылоо 2000-жылдары ЖМКнын жылдык бюджетинин үчтөн бирине барабар болгон. Ошондон бери КТРКнын бюджети кеңейди. 2021-жылы башкы директор анын жылдык бюджетин 4 миллион доллар деп билдирди.[110] «Жуңгого сапар» программасын көрсөткөн дагы бир мамлекеттик медиа уюм ЭлТРде иштеген дагы бир маектешибиз 2000-жылдардын башында жана 2018-жылы «Жуңгого сапарды» күнүнө эки жолу, жумасына беш жолу, ар бир жолу бир сааттан берүү үчүн Кытай тарап уюмга жылына 12-15 миллион сом (болжол менен 140-180 миң АКШ долларын) төлөп турган келишимди карап чыккан.[111]

«Жуңгого сапар» программадан башка кыргыз медиа уюмдарына да акча төлөнүп чыгарылуучу макалалар келип турат. «Кабар» жана «Вечерний Бишкек» сыяктуу Кыргызстандын айрым ЖМКларында, веб-сайттарында жана басма сөз беттеринде «Кытай терезеси» же «Орто Падышалыкка көз салуу» деген бүтүндөй бир бөлүмдү жайгаштырып келишкен.[112] Материалдарды түзүүчү жана башкарган КЭР субъекттери Кыргыз Республикасындагы «Синьхуа», «Жибек Жолунун байкоочусу», «Долон TV», «Контимост», «Синьцзян телевидениеси», «CCTV», «CTTN» жана «Жэньминь жибао» сыяктуу белгилүү даражадагы КЭР медиа уюмдары болуп саналат. КЭРдин бул медиа субьектилеринин мурдагы жана азыркы жергиликтүү кызматкерлери менен болгон бир нече маектерге караганда, Кыргызстандын медиа уюмдары КЭРдин ЖМКлары тарабынан жазылган айрым макалаларды жарыялоо үчүн каржылоону үзгүлтүксүз практикага айландырган.[113] Маектешкендер кошумчалагандай, мамлекеттик

гезиттин бир бети 25 000 сом (болжол менен 300 доллар) турат жана Кыргыз Республикасындагы эң популярдуу мамлекеттик гезиттер айына 2-3 беттен кем эмес басып чыгарышат. Бул маектештер кыргыз тарапка келишим боюнча мындай акы төлөнүүчү материалдарды оңдоого уруксат берилген эместигин айтышты.

Айрым макалалар которулган расмий билдирүүлөрдүн жана жаңылыктардын кайра басылышы, анын ичинде макаланын автору болгон Кытай Эл Республикасынын ЖМКларына шилтемелер камтылса, башкалары КЭРдин Кыргыз Республикасындагы медиа уюмдары тарабынан жазылган кыргыз-кытай мамилелеринин аспектилери тууралуу конкреттүү макалалар. Кытайлык редактордун жергиликтүү билиминин жетишсиздигинен улам азыркы постсоветтик орус жана кыргыз тилдеринде колдонулган мазмунга жана лексикага салыштырмалуу модадан тышкаркы мазмунга жана кээ бир учурларда Кытай Эл Республикасынын ЖМКларына шилтеме келтирилсе, угуучулар макалалар үчүн акы төлөнүүчү макалаларды кадимки мазмундан айырмалай алышат. Маселен, «Жунгого сапар» көрсөтүүсү толугу менен совет дооруна чейинки кыргыз тилинде кытай лексикасынын аралашмасы менен, анын ичинде Кыргыз Республикасындагы кыргыз калкы колдонбой калган кээ бир эски лексиканы камтыйт. Көрүүчүлөр бул КЭРдеги этникалык кыргыздар тарабынан даярдалган шоу экенин дароо эле айта алышат. Айрымдар муну совет дооруна чейинки кыргыздарды үйрөнүүнүн бир жолу катары, айрыкча орус таасирин четке каккан калктын кээ бирлери үчүн кызыктуу деп тапса, көпчүлүк үчүн бейтааныш лексика кыжырды келтирет жана өтө көп көңүл бурууну талап кылат деп айтышат.

## *Материалдарды чыгаруу жана КЭР субъекттеринин ролу*

КЭРдин Кыргыз Республикасындагы элчилиги КЭРге ылайыктуу материалдарды пландаштырууда жана координациялоодо эң маанилүү актор болуп саналат. Биринчиден, КЭР элчилиги Кыргызстандын айрым медиа уюмдарына түз жана кыйыр колдоо көрсөтөт. 3, 4 жана 6-маектешкендердин айтымында, КЭР элчилиги ар кандай каржылоо жана техникалык колдоо мүмкүнчүлүктөрүн камсыз кылат, мисалы, басып чыгаруу кызматтарына төлөө же компьютерлерди, принтерлерди жана кондиционерлерди белекке берүү. 3 жана 4-маектешкендердин айтымында, КЭР элчилиги кыргыз медиасы менен КЭР ЖМКларынын ортосундагы кызматташтыкты демилгелеп, байланыштырып жана көмөктөшүп, ортомчу катары иш алып барат. 9-маектештин айтымында, «CCTVнин» жергиликтүү кызматкерлери КЭР элчилигинин кеңселеринде иштешет. 4-маектеш элчиликти кардар катары ачык айтып, «Кытай элчилиги биздин кардар, алар кытай телеберүүлөрүн кыргыз тилине которуу демилгесин көтөрүштү» деп белгиледи.
КЭР элчилиги жыл сайын бир нече иш-чараларды, ошондой эле Кытай Эл Республикасына жалпы турларга жана окуу программаларына катышкан жергиликтүү журналисттер үчүн сапарга чейин жана сапардан кийинки кабыл алууларды өткөрөт.[114] 17-маектештин айтымында, Оштогу консулдук өкүлчүлүк менен КЭРдин программаларын көрсөтүү үчүн анын ордуна КЭРге бекер сапарларды уюштуруу боюнча оозеки макулдашуулар болгондугун айтты. Жергиликтүү беш журналист Кытай жана анын саясаты тууралуу кандайдыр бир нерсе жазышса, КЭР элчилигинин басма сөз кызматы менен бекер консультация алаарын белгилешти.[115] Бирок, кыязы, Кытай Эл Республикасына ылайыктуу материалдарды жазгандар гана бул артыкчылыктарга ээ болушат. 8-маектештин айтымында, КЭР элчилигинде өткөрүлүүчү иш-чараларга «Кытайды жакшы чагылдырган эң мыкты журналисттер гана» КЭРдин чечимине ылайык чакырылат. КЭР элчилиги ошондой эле 2014-жылы Кытай-Кыргызстан достук репортажы (中吉友好新闻奖) үчүн сыйлык сынагын баштаган. Бул сынакты жакшы билген 8-маектештин айтымында, 2014-жылы бул сыйлыкка ээ болгон бир кыргызстандык журналист көп өтпөй белгилүү гезитке көтөрүлүп, Кытай Эл Республикасынын иштери боюнча редакциялык иш үчүн өзгөчө роль ойногон.[116]

КЭР элчилигинин Кыргызстандын медиа тармагындагы иш-аракеттеринин бир максаты бар. 3, 4 жана 5-маектешкендердин айтымында, КЭР элчилиги жергиликтүү ММКлар Шинжаң тууралуу кандай маалымат берип жатканына тынчсызданып, бир нече жолу байланышып, «так маалымат» берүүнү сунуштаган. 4-маектеш эске салгандай, «Кытай тарап бул тууралуу жазбашыбызды суранды, алар Шинжаңда эч кандай маселе жок деп айтышты». 3-маектеш тарабынан бөлүшүлгөн экстремалдык жагдайлардын биринде КЭР элчилигинин кызматкери Шинжаңдагы окуя боюнча башкаруу үчүн

жергиликтүү маалымат каражаттарына жабдууларды жана каржылык колдоону сунуштады: «Алар уйгурлар жөнүндө жазсак, алар менен кеңешишибиз керек дешти». КЭР элчилиги жардам берген бул кызматташуу келишимдери өтө маанилүү. Кеминде 5 интервью берген респонденттер Шинжаң маселелери боюнча кабарлардын жоктугун кызматташтыктын бузулушунан коркуу менен түшүндүрүштү.[117] Муну интервью берген 70 -маектеш ачык түшүндүрдү; «Бул достук жана кызматташтык келишимин бузбоо үчүн, биз [КЭР үчүн] сезимтал темаларды казбайбыз.» Башкалары болсо бул маселе боюнча Кыргызстандын мамлекеттик саясатынын маалыматынын жоктугу менен байланыштырышат, анткени мамлекеттик маалымат каражаттары КЭРдин Шинжаң саясаты боюнча расмий ой-пикирин ээрчиш керек.[118] Кыргыз өкмөтү менен жалпы макулдашууга көмөктөшүү менен, элчиликтин өлкөдөгү медиа өнөктөштөрдү тандоосу Шинжаң маселеси боюнча талкуунун чек арадан катуу көзөмөлгө алынышын камсыздайт.

КЭР элчилигинин жергиликтүүлөргө тийгизген таасиринен тышкары, КЭРдин массалык маалымат каражаттары да бар. Кыргызстандын тышкы иштер министрлиги 2022-жылы жарыялаган тизмеге ылайык, Кыргызстанда чет элдик ЖМК катары катталган КЭРден үч ЖМК бар. Булар «Синьхуа», «Вен Вэй По» жана «Жибек Жолунун байкоочусу».[119] Ошондой эле Кытай Эл Республикасынын дагы эки медиа мекемеси бар: «Долон ТВ» жана «Контимост», алар чет элдик маалымат каражаттары катары катталбастан жергиликтүү жеке медиа катары иштешет. «Долон ТВ» – бул чет элдик капиталдын катышуусу менен катталган жергиликтүү медиа компания жана директору кытай улутундагы Чжан Сулан, ал Кытай диаспорасынын иштерине арналган КЭР журналдарында көп чагылдырылган.[120] Башка жагынан алып караганда, «Контимост» Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү массалык маалымат каражаты эмес, бирок өзүн Шинжаңдын Үрүмчү шаарынан чыккан басылма журнал деп эсептелинет, бир катар жергиликтүү кыргыз кызматкерлери бар, алар журналдын мазмунуна салым кошуу жана журналды Кыргыз Республикасында жайылтуу үчүн иштешет. Кытай жаңылыктары кызматы жана «CGTN» сыяктуу КЭРдин кээ бир медиа уюмдары жергиликтүү журналисттерди жарым күндүк расписание менен иштеген кабарчы катары жалдайт.

Кыргыз Республикасындагы КЭРдин бул медиа түзүмдөрүнүн мурдагы жана азыркы кызматкерлери менен жүргүзүлгөн 20 интервьюга ылайык, жергиликтүү жана КЭР улутундагы штаттык кызматкерлердин саны «Синьхуа» агенттигинде бешке жакын, «Жибек Жолунун байкоочусу» редакциясында онго жакын, «Долон ТВ» да жыйырмага жакын, ал эми «Контимост» журналынын офисинде 2 адам иштешет.[121] Кыска мөөнөттүү келишимдик негизде жарым күндүк расписание менен иштеген бир нече жергиликтүү кызматкерлер да бар. Жергиликтүү кызматкерлердин маянасы ролуна жана тажрыйбасына жараша 100 доллардан 1000 долларга чейин өзгөрүп, мазмун жаратуучуларга көп учурда ар бир макала үчүн төлөнүп турат. 2022-жылы Кыргыз Республикасында «Вен Вэй По» (Wen Wei Po) гезитинде иштеген эки КЭР жараны чет өлкөлүк аккредитацияланган журналист катары катталган, бирок бул изилдөө алардын жергиликтүү ишмердүүлүгүн чагылдыра алган жок. Топ катары, бул КЭР медиалары Кыргыз Республикасындагы бардык башка ЖМКлардан таптакыр айырмаланып, жергиликтүү деңгээлдеги типтердин бири болуп саналат.[122]

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ИШТЕП ЖАТКАН КЫТАЙ ЭЛ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖМКлары

*«Синьхуа» Кытайдын алдыңкы мамлекеттик медиа уюму болуп саналат, алардын ичинен эң чоң глобалдык маалыматтарды жайылтууга ээ, ошондой эле чет өлкөдөгү эң көп сандагы чет элдик кабарчылар жана кеңселери бар. «Синьхуа» агенттигинин Бишкектеги кеңсеси 2009-жылы ачылган. Мурдагы жергиликтүү кызматкердин айтымында, Кытай Эл Республикасынын менеджерлери Бишкектеги кеңсеге жөнөтүлүп, 3-4 жылдык мөөнөткө жайгаштырылат. Башында жана 10 жылдан ашык убакыттан бери «Синьхуа» Бишкектеги кеңсеси мейманкана кеңсесине көчүп кеткенге чейин жергиликтүү мамлекеттик медиа уюмунун алкагында жайгашып иш алып барып турган. Пекинге так отчёттуулукту жана маалыматка жетүүнү камсыз кылуу үчүн «Синьхуа» Бишкектеги кеңсеси алдыңкы мамлекеттик медиа мекемесинде бир эле убакта активдүү иш менен камсыз болгон жергиликтүү журналистти иш менен камсыз кылат. Мындан тышкары, мурдагы*

*кызматкердин айтымында, «Синьхуа» Бишкектеги кеңсеси «Слово Кыргызстана», «Кабар», «Кыргыз-Туусу», «Вечерний Бишкек», «Московский комсомолец» жана «Кут билим» сыяктуу бир нече жергиликтүү медиа уюмдар менен активдүү кызматташуу келишимин түзүүдө. Кеңсе КЭРдин Бишкектеги элчилигинен пресс-релиз боюнча көрсөтмөлөрдү алат. «Синьхуа» кыргыз тилинде жеткиликтүү эмес, ал орус тилинде онлайн режиминде, бардык орус тилдүү өлкөлөргө кызмат көрсөтөт, 2022-жылдын июнь айына карата «Фейсбукта» 12666 катталуучулары бар экендиги аныкталган.[123]*

*«Жибек Жолунун байкоочусу» гезити (Борбордук Азиядагы Жибек Жолунун өнүгүүсү /丝路新观察) 2015-жылы ачылган. Гезиттин бир жылдык мааракесин өткөрүүгө алдыңкы жергиликтүү медиа-уюм «Кабар» жардам берген.[124] «Синьхуадай» эле, мурдагы бир кызматкердин айтымында, «Жибек Жолунун байкоочусу» мамлекеттик медиа уюмунун кеңсесинде жайгашкан жана анын кеңсесинде иштеген.[125] Кабарларга караганда, «Жибек Жолунун байкоочусунун» биринчи директору бир эле убакта «Синьхуа» агенттигинин Үрүмчүдөгү кеңсесинин директору болуп иштеген. Дагы бир мурдагы кызматкер «Жибек Жолунун байкоочусу» редакциясынын башкаруу системасы да КЭР жаңылыктар кызматы тарабынан көзөмөлдөнүп турганын кошумчалады. «Жибек Жолунун байкоочусу» гезити кытай, орус жана кыргыз тилдеринде күн сайын онлайн режиминде бирден экиге жакын макаланы, ал эми басма сөз гезитинде жума сайын болжол менен 20 макаланы пандемияга чейин 20 000ге жакын тираж менен жарыялаган. 2022-жылдын июнь айына карата анын жергиликтүү социалдык медиадагы катышуусу «Фейсбукта» 3730 жана «Инстаграмда» 88,200 катталуучулар болгон.[126]*

*«Долон ТВ» (德隆电视台) 2005-жылы ачылган. Ал КРда жашаган КЭР мигранттарына кытай программаларын көрсөтүү максатында КЭР жараны тарабынан жеке ишкана катары ачылган.[127] 2015-жылдан 2018-жылга чейин «Долон ТВ» Маданият министрлиги тарабынан каржыланган «Улуттук маданий экспорттун негизги долбоорлор» каталогунун алкагында Кытай мамлекетинин субсидияланган долбоору болгон.[128] Маектешкен 48, мурдагы кызматкердин айтымында, «Долон ТВнын» аудиториясынын көбүн азыр кыргызстандык пенсионерлер түзөт, алар жергиликтүү жана эл аралык 170 канал үчүн 250 сом (болжол менен 3 АКШ доллар) төлөшөт. «Долон ТВ» «CCTVден» КЭРдин 10дон кем эмес каналдарына акысыз эксклюзивдүү кайра берүү укугуна ээ. Ал ошондой эле КЭРдин Кыргыз Республикасындагы маданий жана экономикалык долбоорлору жөнүндө оригиналдуу көрсөтүүлөрдү даярдайт жана орус тилинде КЭР тасмалары менен телешоулорун көрсөтөт. 2022-жылдын июнь айына карата анын жергиликтүү социалдык медиадагы катышуусу «Фейсбукта» 963 жана «Инстаграмда» 138 катталуучуну түзгөн. [129]*

*«Контимост» (大陆桥) Кытай-СССР мамилелеринин ийгиликтүү тарыхын чагылдырууга арналган СССР учурунда түзүлгөн КЭР журналы. Совет бийлигинин тушунда «Контимост» журналы Кытай-СССР достугун кеңейтүү максатында КЭРдин Киргизиядагы (азыркы Кыргызстандын советтик аталышы) аз сандагы өкүлдөрү тарабынан жергиликтүү элитага таратылып берилген.[130] Кыргызстан эгемендүүлүк алгандан бери «Контимост» журналы 2010-жылдары жогорку сапаттагы түстүү кагазга өтүп, гезит стилинде басып чыгарууну улантып келет. Бүгүнкү күндө журнал Кыргыз Республикасындагы бир түрү бойдон калууда. Жергиликтүү бекер журналдар менен салыштырганда, «Контимост» ар бир бетине түстүү сүрөттөр менен коштолгон кымбат баалуу жана сапаттуу жалтырак кагазга басылып чыгарылат. 60 беттен турган журнал ай сайын Үрүмчүдө, Кытай Элдик Чет өлкөлөр менен достук ассоциациясынын Шинжаңдагы бөлүмү (对外友协), Шинжаң экономикалык гезити (新疆经济报) жана Бишкек гуманитардык университети менен биргеликте чыгарылат. Ай сайын 5000 бекер журналдын нускасы Үрүмчүдөн Бишкекке жөнөтүлүп, Кыргызстанга жайылтылат. Анын онлайн версиясы жок.*

КЭРдин бул медиа түзүмдөрү КЭР үчүн ички максаттары жагынан да, Кыргыз Республикасындагы маалыматтык операциялары жагынан да бир нече негизги ролдорду аткарат. Биринчиден, алар жер бетиндеги тенденциялар жана окуялар менен азыктанган КЭРге ылайыктуу мазмунду үзгүлтүксүз чыгарышат жана таркатышат. КЭРдин бул медиа уюмдары тарабынан Кыргыз Республикасында жарыяланган бардык материалдар КЭРдин өнүгүшүнүн жана кытай-кыргыз мамилелеринин позитивдүү аспектилерин чагылдырган материалдар экенин байкоого болот. Расмий иш-чараларга тез-тез

катышуудан жана интервьюларды өткөрүү жөндөмдүүлүгүнөн көрүнүп тургандай, КЭРдин ЖМКлары маалыматты өндүрүүдө жана жайылтууда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен позитивдүү, биргелешкен иш алакасын сактап келишет. Мындай материалдар коомчулукка негизинен кыргыз медиа продуктыларына киргизилген контент аркылуу жана КЭРге кызыккан жергиликтүү аудиториянын чакан контингенти аркылуу таратылат.

Экинчиден, Кыргыз Республикасынан чогултулган маалыматтар ички үгүттөө максаттарында да, ошондой эле чет өлкөлөрдө да ушул сыяктуу максаттарда колдонулат. Мунун эң көрүнүктүү мисалдарынын бири болуп жергиликтүү элиталар менен интервьюларды кайра-кайра берүүсү саналат. Аталган интервьюларда КЭРдин ийгиликтери макталат, алар КЭРдин ата мекендик жарандарына жана чет өлкөлүктөргө КЭРдин чет өлкөлөрдө ак ниет башкаруусу жөнүндө сүйлөйт. Жергиликтүү элитанын добушун алуу негизги практика болуп саналат, анткени Кыргыз Республикасындагы Кытай Эл Республикасынын позитивдүү материалдарынын көбү жергиликтүү элиталардын үнүн чагылдырат. Кээ бир учурларда, кээ бир жергиликтүү элиталар КЭРдин мамлекеттик маалымат каражаттарында КЭР саясатын мактаганы да ырасталган, бирок бул макалалар жергиликтүү маалымат каражаттарында эч качан жарыяланган эмес.

Кыргыз Республикасындагы Кытай Эл Республикасынын ЖМКларында иштеген үч маектештин айтымында, жергиликтүү элита менен макулдашылган интервьюну ийгиликтүү өткөргөн кызматкерлерге кошумча акы төлөнөт.[131] Белгиленген баа министр менен бир жолу маектешүү үчүн 10 000 сом (болжол менен 120 АКШ доллары) жана жогорку даражалуу чиновник менен маектешүү үчүн 20 000 сомду түзөт. КЭР өкүлдөрүнүн үнү да колдонулат: кытайлык менеджерлер кытай ишканалдардын ишмердүүлүгүн чагылдырууга Кытай тараптын макулдугун алуу үчүн жооптуу, андан кийин интервью алуу үчүн жергиликтүү журналистти жиберет.

Коомдук керектөө үчүн материалдарды чыгаруудан тышкары, Кытай Эл Республикасынын ЖМКларынын жергиликтүү кыргызстандык кызматкерлери жеке репортаждар үчүн пайдаланылганы тууралуу далилдер бар.[132] Кытай Эл Республикасынын ЖМКларында иштеген бир катар жергиликтүү кызматкерлер аларга эч качан жарыяланбаган темалар боюнча изилдөө жүргүзүү милдети коюлганын айтышкан, мисалы, кыргыз балдардын ден соолугунун статистикасы, Кыргызстандагы кытайлык мигранттардын жашоосу, Борбордук Азиядагы саясий кырдаал жана АКШ менен Кыргызстандын кызматташтыгы. Аталган темалардагы материалдар Кыргызстандын ЖМКаларында жарыяланган эмес.[133]

Үчүнчүдөн, бул КЭР медиа уюмдары Кыргыз Республикасында иштеген КЭР субъектилери менен жергиликтүү медиа уюмдарынын ортосунда иш жүзүндө ортомчулар болуп саналат. КЭРдин ЖМКларында иштеген жок дегенде үч жергиликтүү журналист кытайлык менеджерлер Кыргыз Республикасындагы кытайлык коммерциялык долбоорлор жөнүндө материалдарды түзүүгө жана бул эки тараптуу достуктун чемпиону катары жергиликтүү экономикага кандай салым кошуп жатканына көп көңүл буруп жатканын айтышты.[134] КЭРдин ММКлары ошондой эле КЭРдин бул компаниялары жасаган кайрымдуулук иштерин, мектептерде Конфуций институттары өткөргөн иш-чараларды жана Элчилик тарабынан каржыланган стипендиаттын студенттеринин ийгиликтери тууралуу баяндап жарыялайт. Кыргыз Республикасындагы Кытай Эл Республикасынын медиа уюмдарында иштеген жана бул изилдөөнүн жүрүшүндө интервью алган беш жергиликтүү журналисттин түшүндүрмөсүнө караганда, бул макалалар кайра басылып чыгарылган жана жергиликтүү ЖМКлар тарабынан жарыяланышы кызматташуу келишиминин алкагында төлөнөт.[135] 37-маектеш кошумчалагандай, Кыргыз Республикасындагы Кытай Эл Республикасынын ЖМКлары тарабынан жазылган айрым макалалар эч качан өз платформаларында жарыяланган эмес, тескерисинче, башка жергиликтүү ЖМКлар тарабынан жарыяланган. Кыргызстандын ЖМКларында иштеген бир нече жергиликтүү журналисттер Кытай Эл Республикасынын медиа уюмдарынан, негизинен «Жибек Жолунун байкоочусу» редакциясынан макалаларды бат-баттан алышаарын айтышты.[136]

Төртүнчүдөн, Кытай Эл Республикасынын ЖМКларынын жергиликтүү болушу, кыргыз ЖМКларына КЭРге ылайыктуу контентти камсыз кылуу, редакциялык цензуранын жана баяндарды жайылтуунун максималдуу деңгээлин камсыз кылат. Интервью алынган КЭР медиа уюмунда иштеген бардык

жергиликтүү кызматкерлер кытайлык менеджерлер тарабынан күн сайын жүргүзүлүп жаткан кеңири цензуралык кийлигишүүнү сүрөттөштү. Макала боюнча жергиликтүү интервьюларды өткөрүүдө бардык интервью суроолору алдын ала бекитилип, редакцияланышы керек болчу. Баардыгы КЭРдин бул медиа уюмдарынын жергиликтүү кызматкерлеринен кытай-кыргыз мамилелерине карата терс пикирлери чагылдырылган же КЭРдин Кыргыз Республикасындагы беделинин начарлашына өбөлгө түзгөн ички кыргыз темалары боюнча маалымат бербөөнү суранышканын билдиришти. Кытайлык редакторлор жергиликтүү кызматкерлерге кыргыздын талаштуу ички саясаты жөнүндө жазууга тыюу салууга чейин барышат, алар Кытай Эл Республикасынын маалымат каражаттарынын журналисттери катары эсептелинет жана алардын үнү кытай-кыргыз мамилелерине доо кетириши мүмкүн деп эскертишет. Мазмун кыргыз ЖМКларына кайра басып чыгаруу үчүн жөнөтүлгөндө да, КЭРдин медиа уюмдары мазмунда эч кандай өзгөрүү болбошу үчүн акыркы текшерүү укугун талап кылышат.

Кыргыз Республикасында иштеп жаткан КЭР субъектилеринен тышкары, Кыргызстандын ЖМКлары да «Бир алкак, бир жол» демилгесинин (БАБЖ) алкагында көп тараптуу кызматташууга кошулууда. БАБЖ 2013-жылы жарыялангандан бери ондогон медиа альянстар жана топтор түзүлүп, КЭР менен кызматташуу боюнча кеңири келишимдерге ээ болгон кыргызстандык медиа уюмдар тез арада бул альянстарга жана топторго мүчө болуп калышты. 2016-жылдын октябрь айында «Пирамида ТВ» «Жибек Жолунун спутниктик телеберүү альянсына» мүчө болгон.[137] «Кабар» агенттигинин жооптуу кызматкери медиа уюм «Бир алкак, бир жол» медиа жаңылыктар коомуна мүчө болуп киргени менен бөлүштү.[138] 2019-жылы Слово Кыргызстана «Бир алкак бир жол» медиа коомчулугуна мүчө болгон.[139] 2018-жылдын апрель айында Кыргызстандын айрым медиа уюмдары 32 өлкөдөн келген 59 чет элдик ЖМКнын арасында «Бир алкак, бир жол» жаңылыктар тармагын түзүү боюнча биринчи декларацияга кол коюшкан.[140] Бул БАБЖ медиа топторуна кошулган чет элдик медиалар өнүгүүнүн алгачкы жылдарында болгондуктан, алардан эмне күтүлүп жатканы коомчулукка белгисиз болсо дагы, алардан ар кандай кызматташтык келишимдеринин өсүшү албетте күтүлүүдө. Мисалы, мындай БАБЖ медиа-группасына кошулгандан кийин, Кыргыз Республикасынын катышуучу ММКлары, мисалы, «Вечерний Бишкек» БАБЖнын атынан мамлекеттик маалымат кызматы тарабынан каржыланган медиа окуу программаларына катышкан.[141] 6-маектеш ошондой эле Кытай Эл Республикасына бир сапар БАБЖ медиа коомчулугунун алкагында уюштурулганын, анда медиа мүчөлөрү кабыл алуучу өлкөлөрдө БАБЖду жайылтуу боюнча тажрыйбалары менен бөлүшүп, бул багытта пикир алмашышкандыгы менен бөлүштү.

## *Социалдык медиага материал киргизүү*

Басма ММКнын жана радионун популярдуулугунун төмөндөшүнө байланыштуу Кыргыз Республикасында уюлдук телефондор аркылуу интернеттин жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу менен бирге, улуттук медианы керектөө адаттары тездик менен өзгөрүүдө. Ошол эле учурда, коомдук медиа КЭР маалымат операцияларына акыркы кошумча болуп калды. Жалпысынан алганда, КЭРдин кызматташтыгы катышабы же жокпу, Кыргызстандын социалдык тармактарында Кытай Эл Республикасынын өкүлчүлүгү позитивдүү карайт.

Бул изилдөө КЭРге ылайыктуу макала бир нече жолдор менен онлайн аркылуу илгериле турганын көрсөттү. Биринчиден, бул изилдөө тарабынан аныкталган жергиликтүү ЖМКлардын арасында КЭРдин субъекттери менен болгон кызматташуу келишимдери бар, бардыгы социалдык медиада катышуусун өнүктүрүүдө. Бул маалымат таратуу платформасы, материалдын тили, материалдын түрү, онлайн жарыялоо жыштыгы жана байланыш деңгээли боюнча айырмаланат. КЭР менен жигердүү кызматташуусу табылбаган жергиликтүү ЖМКлардын арасындагы аудиториясынын кеңири катмары КЭР тууралуу терс мазмунга караганда оң мазмундагы материалдарга ээ болушкан. Экинчиден, КЭРде орус тилинде иштеген ондогон социалдык тармактардын таасир этүүчү блогерлер жана баракчалары бар, айрымдары Кыргыз Республикасындагы аудиторияга багытталган жарнамаларды жайгаштырышкан. Акырында, кээ бир конкреттүү онлайн жеке таасир этүүчү блогерлер, баракчалары жана топтору бар, алар КЭР тууралуу позитивдүү контентти Кыргыз Республикасында орус жана кыргыз тилдеринде жайылтышат. КЭР менен кызматташкан жергиликтүү ЖМКлардын ичинен алтоосу эң активдүү онлайн катышууга ээ экени байкалды. Бирок алардын интернеттеги популярдуулугу «Азаттык» жана «Кактус»

сыяктуу Кыргызстандын көз карандысыз ЖМКларына салыштырмалуу чектелүү экенин эстен чыгарбоо керек.

## 3-тизмек. КЭРдин кызматташуусу менен жергиликтүү ЖМКлардын социалдык медиада болушу.[142]

| Медианын аты-жөнү | Фейсбук катталуучулары | Инстаграм катталуучулары | Youtube катталуучулары |
|---|---|---|---|
| **КТРК** | 138,622 | 545,000 | 107,000 |
| **Ала-Тоо 24 (KTRK)** | 12,000 | 951 | 262,000 |
| **Вечерний Бишкек** | 52,602 | 20,400 | 642 |
| **Слово Кыргызстана** | 2501 | 476 | |
| **ЭлТР** | 43,846 | 1,812 | 2,070 |
| **Кабар** | 16,000 | 63,100 | 5,560 |

*Булак: Жергиликтүү ЖМКлардын коомдук медиа баракчаларынан түзүлдү.*

2019-жылдагы эки сурамжылоонун жыйынтыгына ылайык, Кыргыз Республикасындагы жарандардын 88% жана 90% биринчи кезекте улуттук жаңылыктарды телевидениеден угушат жана саясий маалыматтын негизги булагы катары телевидениени аташкан, 36 пайызы КТРКны эң ишенимдүү булагы катары эсептешкен.[143] КТРКнын үзгүлтүксүз көрүүчүлөрү анын социалдык тармактардагы версиясын колдонушат, өзгөчө «Youtube» каналынан көрүп турушат, анткени ал жөн гана телевидениеде көрсөтүлгөндөрдү репост кылып турат. КТРКнын интернеттеги ийгилигине посттордун көбүрөөк жыштыгы, көңүл ачууга багытталган контенттер, катталуучулар менен үзгүлтүксүз байланыш жана кыргыз тилин колдонуу сыяктуу башка факторлор да түрткү болду. Улуттук статистика комитети тарабынан жарыяланган расмий каттоо маалыматтарына ылайык, Кыргыз Республикасындагы калктын 65% жакыны өлкөнүн айыл жерлеринде жашашат жана күнүмдүк жашоосунда орус тилинин ордуна кыргыз тилин колдонушат.[144]

Башка маалымат каражаттарына келсек, «Кабар» ушул сыяктуу мазмунду жарыялайт, андан тышкары ал адам уурдоо, киши өлтүрүү жана дайынсыз жоголгондор сыяктуу кылмыштар тууралуу жергиликтүү популярдуу жаңылыктарды да жарыялайт. ЭлТРдин жарыялоо стили КТРКныкына окшош, бирок ал өлкөнүн түштүк аймагындагы аудиторияга жетишүүгө багытталгандыктан, анын популярдуулугу КТРКдан артта калды. «Вечерний Бишкек» гезити расмий кабарлардан баштап, ар кайсы тармактагы эксперттердин комментарийлерине чейин түрдүү мазмундарды жарыялайт. Баарынан маанилүүсү, «Вечерний Бишкек» гезити жергиликтүү бийликти сындаган идеяларды мезгил-мезгили менен жарыялап турган белгилүү жергиликтүү медиа уюмдардын бири. Бирок, бул тенденцияны изилдөө үчүн кошумча изилдөөлөр жүргүзүлүшү керек. Социалдык түйүндөрдө акы төлөнүүчү жарнамаларга карабастан, «Вечерний Бишкек» башкалардан артта калууда. «Слово Кыргызстана» интернетте сюжеттик мазмунду, эксперттердин жана жергиликтүү калктын комментарийлерин, жашоо образы боюнча макалаларды жана жергиликтүү жаңылыктарды жарыялайт. Жогорудагы уюмдардын ичинен «Слово Кыргызстана» гезитинин мазмуну эң жеңил жана саясий эмес.

КЭР тууралуу мазмунга келсек, жергиликтүү ЖМКлар тарабынан Кытай Эл Республикасынын кызматташуусу менен жарыяланган онлайн контентинин көбү веб-макала форматында, видео форматтагы бир нече сюжеттер, мисалы, элчи менен болгон маектер, Кыргыз Республикасындагы жер-жерлердеги кытай компанияларына болгон  иш сапарлары жана башкалар. Бул изилдөө Кытайга байланыштуу веб-макаланын «Фейсбук» жана «Инстаграм» баракчаларына кайра жайгаштырылган үлгүсүн тапкан жок. Мисалы, 2021-жылы эле КТРК «Инстаграмда» Кытайга тиешелүү 22 пост (жалпысынан 2371) жарыялаган, бирок ошол эле мезгилде өзүнүн сайтында Кытай Эл Республикасына тиешелүү 40тан кем эмес макала жарыялаган. Бул посттордун көбү Кыргыз Республикасындагы Кытайдын инфраструктуралык долбоорлору, өзгөчө Түндүк-Түштүк автожолу тууралуу репортажга багытталган. Анткен менен КТРКнын бир тууган каналы болгон Ала-Тоо 24 каналында Кытайдын адам укуктарынын бузулушун ашкерелеп, Шинжаңды пропагандалаган ондогон видеорепортаждар жана жаңылыктар чагылдырылган.

Жалпысынан алганда, жергиликтүү аудитория комментарийлер жана көз караштар боюнча КЭРге байланышпаган мазмунга караганда КЭРге байланыштуу мазмунга көбүрөөк реакция жасаганын байкоого болот. Бирок, цифралык көрсөткүчтөр бул изилдөөнүн алкагынан тышкары болгондуктан, бул изилдөө тобунун мүчөлөрүнүн тастыкталбаган байкоосунун негизинде болду. Кытайга тиешелүү мазмун Кытайга каршы маанайдагы ар кандай деңгээлдеги комментарийлерди камтыйт, мисалы, кытайлык карыздарга нааразычылык, өтө көз карандылык жана башкалар. Бирок, «Ала-Тоо 24» каналынын «Youtube» каналында Кытайга тиешелүү видеолордун көбү орточо эсеп менен 3000 көрүүгө ээ, басымдуу түрдө жактыруулар жана бир нече жактырбоо белгилерине ээ болгон. 2021-жылдын 14-майында Кытайдан кийинки гранттарды алуу жөнүндө жарыяланган видеодо комментарий берүү функциясы өчүрүлгөн, сыягы, көрүүчүлөрдүн Кытайга каршы маанайды билдирүү үчүн платформаны колдонуусуна жол бербөө үчүн.[145]

Бул динамикалык онлайн режимин, ошондой эле Кытай менен байланышкан мазмундун табиятын жана анын социалдык медиада болушун андан ары түшүнүү үчүн, 2019-жылдын январынан 2022-жылдын февраль айына чейин «Фейсбук» жана «Инстаграм» тармактарында Кытайга тиешелүү 20 объектти аныктоо үчүн кошумча онлайн изилдөөлөр жүргүзүлдү. (4 жана 5-сүрөттөрдү караңыз. Методология үчүн 2-тиркемени караңыз). Эң көп жазылган постторду КЭР менен байланышы бар ЖМКлар эмес, КЭРдин бир дагы субъектилери менен кызматташуу тарыхы жок Кыргызстандын көз карандысыз ЖМКлары постторду жайгаштырганы аныкталган. Мисалы, Кытай Эл Республикасы менен кызматташкан КТРКнын аудиториясы чоң экендигине карабастан, КТРКнын катталуучулары башка жергиликтүү ЖМКлардын катталуучуларына салыштырмалуу анча активдүү эмес. КЭР менен жигердүү кызматташпаган жергиликтүү ЖМКлардын арасында да КЭР тууралуу терс материалдарга караганда позитивдүү контенттеги материалдарга реакция кылышкан.

Жалпысынан алганда, социалдык тармактарда КЭРге байланыштуу билдирүүлөр менен эң көп алектенгендер КЭРдин оң жактарын баса белгилешкен, мисалы, COVID-19 учурунда кайрымдуулук жана КЭРдеги жергиликтүү жетекчиликтин сөздөрү. «Фейсбук» менен «Инстаграмды» салыштырсак, Кытай Эл Республикасынын иштери боюнча эң мыкты 20 посттун 50% жана 75% позитивдүү маанайда болгон. «Инстаграмдагы» позитивдүү посттор бир топ активдүүлүктү ээлейт, «Фейсбуктагы» 700-1400гө салыштырмалуу эң активдүү 5 посттун ичинде 13 000ден 20 000ге чейин лайктар(жактыруулар) жана комментарийлер болгон. Сандардан тышкары, «Инстаграмдагы» бул посттордун көбү кыргыз тилинде болушу аудиториянын көпчүлүгүн элет калкы түзөөрүн айгинелейт.

## 4-тизмек. Кыргыз Республикасында 2019-жылдын январь айынан 2022-жылдын февраль айына чейинки «Фейсбуктагы» Кытайга тиешелүү мазмундагы эң активдүү 20 постун тизмеги.

| Мазмундун корутундусу | Беттин аталышы | Лайктар | Комментарийлер | Бөлүшүүлөр | Сезимдер |
|---|---|---|---|---|---|
| **Кытайлык миллиардер Жек Ма Кыргызстанга COVID-19 жардамын тапшырды** | АКИPress | 1488 | 122 | 454 | позитивдүү |
| **Кытайга каршы маанайга каршы аргументтер** | Эдил Байсалов | 732 | 636 | 100 | позитивдүү |
| **Кытай расмийлери Уханда COVID бар экенин моюнга алышты** | Азаттык медиа | 688 | 119 | 384 | нейтралдуу |
| **Кыргызстандын Кытай болгон карызы** | Азаттык медиа | 510 | 529 | 88 | негативдүү |
| **Кыргызстандагы кытайлык инвесторлор коронавируска карата жардам көрсөтүштү** | Кактус медиа | 731 | 65 | 189 | позитивдүү |
| **Кытай ишканалары COVIDден улам жергиликтүү базардан чыгарылды** | Кактус медиа | 435 | 192 | 228 | негативдүү |
| **Кытайлык инвесторлор Ысык-Көл облусунан алтын алып жатышат** | Кабарлар | 55 | 22 | 778 | негативдүү |
| **Кытай-Кыргызстан-Өзбекстан темир жолу керек** | Сооронбай Жээнбеков | 731 | 75 | 26 | позитивдүү |
| **Өкмөт олимпиадалык курама команданын кийимдерин жергиликтүү эмес, кытайлык компанияны тандады** | 24_kg | 294 | 89 | 356 | негативдүү |
| **Кытайлык миллиардер Жек Ма Кыргызстанга COVID-19 жардамын тапшырды** | Кактус медиа | 547 | 65 | 107 | позитивдүү |
| **Кытай коронавирустан жапа чеккен өлкөлөргө жардам көрсөтөт** | Кактус медиа | 319 | 137 | 166 | позитивдүү |
| **Доллар накталай акчаны Кытайга алып өтүү схемасы** | Азаттык медиа | 473 | 46 | 87 | негативдүү |
| **Кытай-Кыргызстан-Өзбекстан темир жолу керек** | Сооронбай Жээнбеков | 489 | 66 | 45 | позитивдүү |
| **Кытай компаниясы химиялык калдыктар боюнча жергиликтүү экологиялык мыйзамды бузган** | Кактус медиа | 215 | 30 | 330 | негативдүү |
| **Кытай-Кыргызстан-Өзбекстан темир жолу керек** | Сооронбай Жээнбеков | 485 | 22 | 43 | позитивдүү |
| **Кытайлык инвесторлорго жерди ижарага берүүгө каршы** | 24_kg | 264 | 76 | 198 | негативдүү |
| **Бишкекте кытайлар салган жолдор сапатсыз** | Азаттык медиа | 295 | 82 | 140 | негативдүү |
| **Кытай Өзбекстанга Кыргызстан аркылуу жаңы транспорт коридорун ачты** | Спутник Кыргызстан | 324 | 57 | 102 | позитивдүү |
| **Кыргызстандык дарыгер коронавируска каршы кытайлык дарыгерлердин сунушун аткарып жатат** | Kloop | 328 | 17 | 124 | позитивдүү |
| **Европа өлкөлөрү Кытайда жасалган COVIDден коргоочу шаймандарды алышууда** | Кактус медиа | 212 | 57 | 182 | негативдүү |

*Булак: 2-тиркемеде сүрөттөлгөн методологияны колдонуу менен  жергиликтүү массалык маалымат каражаттарынын коомдук медиа баракчаларынан алынды.*

## 5-тизмек. Кыргыз Республикасында 2019-жылдын январь айынан 2022-жылдын февраль айына чейинки «Инстаграмда» Кытайга тиешелүү мазмундагы эң активдүү 20 посттун тизмеги.

| Мазмундун корутундусу | Беттин аталышы | Лайктар | Комментарийлер | Сезимдер |
|---|---|---|---|---|
| **Кытайдагы этникалык кыргыздар кытайлык туристтерге жардам бериштИ** | News.kg | 20134 | 311 | позитивдүү |
| **Кытайлык компания кыргызстандыктардын олимпиадалык кийимдерине демөөрчүлүк кылды** | News.kg | 17627 | 696 | позитивдүү |
| **Кытайдын энергетика тармагындагы өнүгүүсү жасалма күндү жаратты** | Maalymat.kg | 13854 | 1281 | позитивдүү |
| **Кыргызстанда Тиктокко тыюу салууну сунуштоодо** | Кадыр Жарматов | 13727 | 1219 | негативдүү |
| **Кыргызстандын президенти Синофарм менен эмдөөдөн өттү** | News.kg | 13618 | 569 | позитивдүү |
| **Орусиялык блогер Кытай Кыргызстанды сатып алып жатканын айтты** | Кактус медиа | 11948 | 794 | негативдүү |
| **Кытай закускалары кыргыз балдардын ден соолугун начарлатат** | Maalymat.kg | 11026 | 523 | негативдүү |
| **Жергиликтүү ишкер кытайлык инвесторлор менен инвестициялык келишимди коргойт** | News.kg | 9990 | 823 | позитивдүү |
| **Кытай кыргыз өкмөтүнө 100 миллион доллар берди** | News.kg | 8943 | 687 | позитивдүү |
| **Президент Кытайдын карызын кайтаруу маселесин талкуулады** | Азаттык (kg) | 8748 | 666 | позитивдүү |
| **Кыргызстан менен Кытайдын тышкы иштер министрлеринин жолугушуусу** | Maalymat.kg | 8632 | 420 | нейтралдуу |
| **КЭР элчилиги Кыргызстанда эмдөө көлөмүн жогорулатуу талабын четке какты** | News.kg | 8484 | 391 | позитивдүү |
| **Кытай вакцинасына позитивдүү көз караштар** | News.kg | 8477 | 360 | позитивдүү |
| **Кытай жаңы трасса үчүн тоолорго туннелдерди курду** | Азаттык (kg) | 7917 | 392 | позитивдүү |
| **Кыргызстан Sinopharm вакциналарын сатып алды** | News.kg | 7309 | 284 | позитивдүү |
| **Кытай Кыргызстанга буудай берет** | News.kg | 7196 | 253 | позитивдүү |
| **Кытай кыргыз өкмөтүнө 150 миллион доллар берди** | News.kg | 6857 | 405 | позитивдүү |
| **Кытайдан курулган жолдор ишке кирет** | News.kg | 7018 | 135 | позитивдүү |
| **Кытай-кыргыз чек арасы майрамга байланыштуу жабылды** | News.kg | 6942 | 42 | нейтралдуу |
| **КЭР элчилиги Кыргызстан менен 30 жылдык достук мамилесин талкуулады** | News.kg | 6711 | 247 | позитивдүү |

*Булак: 2-тиркемеде сүрөттөлгөн методологияны колдонуу менен жергиликтүү массалык маалымат каражаттарынын коомдук медиа баракчаларынан алынды.*

Мындан тышкары, КЭР да Кыргызстандын социалдык медиа мейкиндигинде өз үнүн активдүү жайылтууда. КЭРдин бир нече орус тилдүү жарандары бар, алар Кыргыз Республикасында максаттуу жарнамаларды жайгаштырган таасир берүүчү блогерлер катары профилдерин активдүү жүргүзүшөт (6-тизмекти караңыз).

## 6-тизмек. Кыргыз Республикасынын социалдык медиасында «Фейсбук» жана «TikTok» тармактарында Кытай Эл Республикасынын таасир этүүчүлөрү.[146]

| Аты-жөнү | Катталуучулар | Түзүлгөн датасы |
|---|---|---|
| **Namila Namila** | 410,107 | Август 2020 |
| **Верю-не верю (Вера)** | 411,525 | Август 2020 |
| **QiTong Channel** | 319,000 | Сентябрь 2020 |
| **Tony_you** | 347,400 | Июль2020 |
| **Han_laoshi** | 79,800 | Сентябрь 2020 |
| **Yangge made in China** | 2,100,000 | Ноябрь 2019 |
| **Feiyazou** | 527,700 | Март 2021 |

*Булак: Кыргыз Республикасындагы жалпыга жеткиликтүү социалдык тармактардагы баракчалардан алынды.*

Намила  (баракчанын аталышы Namila Namila), Вера (баракчанын аты Верю-не верю) жана QiTong (баракчанын аталышы QiTong Channel) Кыргыз Республикасында өз баракчаларын кеңири жайылтуу үчүн «Фейсбук» жарнактарын жайгаштырышкан.[147] Намила менен Веранын аккаунттары «Фейсбукка» 2020-жылдын августунда катары менен кошулган.

Намила 2021-жылы үч, 2022-жылы беш жарнама жарыялаган. Ал эми Вера 2021-жылы 16, 2022-жылы төрт пост жайгаштырган. Намила менен Веранын 2021-жылдагы «Фейсбук» баракчаларынан эң көп реакция топтогон 10 постторуна көз чаптырсак, 392 күйөрман (Намиланын «Фейсбук» барачасынан) жана 131 (Веранын «Фейсбук» баракчасынан) адам Кыргыз Республикасынан деп табылды. (Методология үчүн 3-тиркемени караңыз). КЭР журналистинин статусун ачыктоодогу айырмачылыктарга карабастан, Намила мындай байланыштарды ачык айткан жана Вера маалымдаган эмес. Экөө тең «Фейсбук» тарабынан КЭРдин мамлекеттик көзөмөлүндөгү медиадагы таасирдүү адамдар деп аталды. Жалпыга жеткиликтүү маалыматтарга караганда, Кытайдын 13 жараны Намиланын баракчасын башкарса, 16 кытай жараны Веранын баракчасын башкарат.

Бул таасир этүүчү блогер адамдардын «Инстаграм» жана «Youtube» баракчалары бар, бирок алар «Фейсбукта» эң активдүү. Мазмуну боюнча экөө тең КЭРдин маданияты жана жеке жашоо образы тууралуу аралашма аңгемелерди, ички жана дүйнөлүк жаңылыктарга жеңил комментарийлерди, тамак-аш жана туризм жөнүндөгү аңгемелерди орус тилинде чыгарышат. Орто эсеп менен Намиланын алдын ала жазылган кыска жана жандуу видео посттору үчүн 600дөн ашык жалпы реакцияларды жана 100 комментарийлерди топтогон жана текст жана фото посттор үчүн 500 реакцияларды алган. Ал эми Веранын посттору эки эсе аз реакцияларга ээ болгон. Мындай мазмун орто эсеп менен 50-70 комментарийге ээ болгон, көпчүлүгү КЭР маданиятын, ошондой эле таасир этүүчү белгилүү адамдардын сулуулугун жана тил көндүмдөрүн мактайшат. КЭР агенттери катары алардын ролун сындагандар да аз эмес. Маселен, «Поэзия бизди бириктирет» деген бир постто «Кимди алдаганы жатасың? Кытай исламдын дин тутуу эркиндигин чектеп жатат... бул зулум»[148] деген комментарий калтырган. Олимпиадалык ылдам жүрүүчү поезд тууралуу дагы бир билдирүүдө «Булардын баары Чыгыш Туркестан мусулмандарынын канына курулган» деп жазылган комментарий болгон.[149] Кээде Намила менен Веранын видеолорунда КЭР жетишкендигин баса белгилеген жарнамага окшош өткөөл үгүт билдирүүлөрү камтылган. Мисалы, поэзия, искусство жана оюн-зоок сыяктуу саясий эмес темалар жөнүндө сөз кылаардан мурун, кыска видеолордун биринчи он секундасында КЭР COVID-19 менен кантип күрөшүп жатканы же жакырчылыкты жоюп жаткандыгы жөнүндө тез убакытты колдонуп айтылганы байкалат.[150] Ошондой эле, ар дайым бир нече «мыкты күйөрмандар» бар экенин байкоого болот, алар дайыма КЭРди мактап комментарий беришет, бирок постторy жана сүрөттөрү жок активдүү эмес аккаунттар.

Намила менен Веранын мазмуну КЭРдин геосаясий кызыкчылыктарын жана позицияларын алдыга жылдырып жатканын да байкоого болот. Мисалы, Намила Америка Кошмо Штаттарын алсыз өлкө катары сүрөттөгөн кыска текстти жайгаштырган жана Американын демократияны жайылтуусу кабыл алуучу өлкөлөрдө кандай терс таасирин тийгизгендиги жөнүндө Кытайда жасалган бир нече даректүү тасмалардын жарнамалык плакаттары менен жайгаштырган.[151] Ал эми Орусиянын Украинадагы согушу боюнча, КЭРдин саясатына ылайык, чыр-чатакка карата позициясын ачык көрсөтпөө үчүн, Намила согушка орустарга же украиндерге боор ооруганын билгизбей, жалпысынан каза болгондор тууралуу ыйлаган видео менен жооп берди.[152] Вера дагы ушундай эле видеону жарыялаган.[153] Бул ыйлаган видеолордон кийин, Намила менен Вера Кытайдын тышкы иштер министрлиги жарыялаган билдирүүлөрдөн кийин Кытайдын согушка карата позициясын түшүндүргөн видеолорду жайгаштырышты. Бул Намила да, Вера да КЭРдин расмий көз карашын чагылдырган дүйнөлүк жаңылыктар менен жигердүү катышып жатканын көрсөтүп турат.




Кыргыз Республикасында Кытай Эл Республикасынын уюмдары тарабынан түзүлгөн «Фейсбук» топтору да бар, ошондой эле мурдагы советтик республикалардагы кеңири аудиторияга багытталган. (7-тизмекти караңыз).

## 7-тизмек. «Фейсбуктагы» топтор жана «Инстаграмдагы» КЭР иштерине арналган баракчалар Кыргыз Республикасында жеткиликтүү.

| Аты-жөнү | Катталуучулар | Түзүлгөн күн |
|---|---|---|
| **Жэньминь жибао гезити** | 402,713 | Сентябрь 2012 |
| **Бир жол бир алкак** | 46,500 | Февраль 2020 |
| **Кытай панда студиясы** | 43,548 | Январь 2021 |
| **Кытай кварталы** | 21,112 | Август 2020 |
| **Синьхуа** | 12,454 | Август 2015 |
| **Чечилбеген Кытай** | 4,900 | Август 2018 |
| **Sinology kg** | 1,374 | Апрель 2018 |
| **Chinaembassyinkg** | 972 | Октябрь 2021 |
| **Chinalogist** | 616 | Октябрь 2014 |
| **Кереметтүү жана сыйкырдуу Кытай, маданият, медицина, айлана-чөйрө** | 203 | Январь 2020 |

| | | |
|---|---|---|
| **Темир жол Кытай Кыргызстан Өзбекстан Европа** | 201 | Январь 2020 |
| **Zhong Ji Mining** | 147 | Июль 2019 |

*Булак: Кыргыз Республикасындагы жалпыга жеткиликтүү социалдык тармактардагы баракчалардан алынды.*

## Чындыкты текшерүү: Кытайдын маалымат таасирин баалоо

Ошентип, бул изилдөө КЭР достук мамиледеги материалды түзүү үчүн КЭР тарабынан колдонулган стратегияларды аныктады. Алардын эффективдүүлүгү кыргыз журналисттеринин арасында ар түрдүү. Кээ бирөөлөр Кытай Эл Республикасынын уюмдары менен тыгыз кызматташкан жергиликтүү журналисттердин бири катары КЭРдин баяндарын жагымдуу деп табышты, Маектешкен 2: «Биз синофобиянын жайылышына салым кошпоого аракет кылабыз, бул эч кандай акталбайт, бул жөн гана улутчулдук. Биздин редакциябызда бул боюнча түздөн-түз иштеген конкреттүү кызматкерлер бар». Кытай Эл Республикасына демөөрчүлүк кылган сапардан кайтып келген дагы бир журналист, маектешкен 7: «Мен Кытайга барганга чейин ал жактагы адамдар же маданият жөнүндө эч кандай түшүнүгүм жок болчу, менде бир гана стереотиптер жана бейкалыс көз караштар бар болчу, мен башка адам болуп кайтып келдим», - деп билдирди.

Бирок, кээ бир аракеттер сыртынан натыйжа бергени менен, көбү журналисттердин көз карашынан чындап чыга алган жок. Практикада КЭР тарабынан бутага алынган журналисттердин көпчүлүгү КЭРдин пропагандасынын жана таасиринин кесепеттери экенин билишет жана моюнга алышат.

- Маектешкен 17: «Кытай экономикалык таасирге жетишкендиктен, алар биздин рынокту толтурган, азыр алар медиада өз таасирин кеңейтип, идеологиялык көз караштардын үстүндө иштей башташты;»
- Маектешкен 22: «Кытай Кыргызстандын маалымат каражаттарына чоң таасир этүүдө, бирок көзгө көрүнбөгөн жол менен. Коңшубуз Кытай буга чейин Кыргызстандын массалык маалымат каражаттарында абдан тынч, көбүрөөк мейкиндикти ээлеп алганын байкаган эмеспиз. Бул Кытайдын саясаты; алар билгизбей акырын басып алышат;»
- Маектешкен 35: «Кытай коммунисттик өлкө катары эч качан терс мазмунду жарыялабайт жана бардык массалык маалымат каражаттары позитивдүү мазмунду гана жарыялайт жана алар [КЭР медиасы] Кытай өкмөтүнүн көзөмөлүндө экени көрүнүп турат;»
- Маектешкен 42: «Кытайлык менеджер [КЭРдин медиа уюмунунан] чындыгында сырттан кандай көрүнөрүн ойлобойт. Чынын айтсам, мунун баары профессионалдуу эмес жана грамматикалык жактан туура эмес. Бирок, алар көп акча коротушат, бул акчаны кайда жумшап жатканы дагы негизги суроо. Бул гезиттеги кытайлык кызматкерлер эч кандай маселени чечишпейт. Балким, бул механизм Кытайда иштейт, бирок бул жерде иштебейт;»
- Маектешкен 52: «Алар Кытайдын маалымат каражаттары «Жибек Жолунун байкоочусу» Кытай менен Кыргызстандын ортосундагы маданий байланыштарды куруунун куралы деп айтышат. Негизи Кыргызстанда бул маалымат каражатын ачуу жакшы идея болчу. Бирок Кытай тараптын маалымат каражаттары муну башкача кабыл алууда. Бул алар үчүн пропаганда куралы»;
- Маектешкен 70: «Мен Кытай Борбор Азия өлкөлөрүнө оңой, бирок узак мөөнөттүү басып кирүүнү көздөп жатат деп ойлойм.»

Көпчүлүк үчүн, материал даярдоо максатында саякаттарга жана атайын тренингдерге катышуу ыңгайлуу эмес. КЭРдин инструкторлорунан алынган материалдарды жарыялоо прагматикалык тандоо болуп саналат. Анын сыңарындай, Кытай Эл Республикасына ылайыктуу материалдарды жарыялаган бардык кыргыз ЖМКлары КЭРди колдойт деп айтуу жаңылыштык болот, 68-маектеш ачык айткандай, «Мен Кытай менен кызматташкан бул ММКларды Кытайга дос деп айтуудан алысмын, аларды бир гана акча кызыктарат. Азыр бул келишимдер боюнча массалык маалымат каражаттары да көп сөз кылышпайт, бардык келишимдер эки өкмөт ортосунда түзүлөт; мамлекеттик маалымат каражаттары жөн гана инструмент болуп саналат».

Кыргыз Республикасында контентти түзүү үчүн КЭР медиасын колдонуу жана ага таянуу да көп жагынан көйгөйлүү. КЭРдин маалымат каражаттарынын мазмунун кыргыз ЖМКсына киргизүүдө КЭР өзүнүн баяндарын түзүүдө катуу көзөмөлгө алып текшерип турат. КЭРдин маалымат каражаттары

көбүнчө кыргыз коомчулугунун табитине ылайыкташа албайт. Бул жергиликтүү коомдук маселелерди түшүнбөгөндүктөн келип чыгат. Бул изилдөөдө документтештирилген эң ачык мисалдардын бирин изилдөөчүлөргө 71-маектеш, белгилүү жергиликтүү кинонун өндүрүшүнүн мүчөсү болгон. Ошол 71-маектешке кытайлык делегация келип Кыргыз Республикасына иштегени келген кытайлык жигиттин кыргыз кызын сүйүп калганы тууралуу биргеликте фильм тартууга сунуштарын киргизишкен. Анан 71-маектеш мындай деди: «Мен аларга мындай тасмадан кийин кыргыздар аларды талкалайт деп айткам. Анткени бул провокация». Кытай делегациясы жергиликтүү синофобияны жана улуттар аралык никелер себепчи болгон факторлордун бири экенин такыр билбеген чыгар.

Мазмунду жергиликтүү кырдаалга ылайыкташтыра албагандыктан, Кытайдын маалымат операциялары КЭРде жасалган иштерди кайталайт. Кытайлык редакциянын менеджери менен тыгыз кызматташкан 42-маектештин айтымында, «Кытайлык менеджерлердин эч кимиси сырттан караганда анын чындыгында кандай экени жөнүндө ойлонбойт окшойт, алар жөн гана көп акча коротушат.» КЭРдин Кыргызстандын социалдык медиа рыногуна кирүү потенциалы тууралуу суроого, популярдуу социалдык медиа таасир берүүчү 66-маектеш мындай деп түшүндүрдү: «Менин оюмча, алар кантип иштөөнү билишпейт. Алар өздөрүнүн өлкөсүндөгү пропаганданын деңгээлинде иштешет. Кытай жаңы медиа менен иштей албайт».

Бул ашачапкан сөз эмес. 1990-жылдары Кыргыз Республикасы Советтер Союзунан эгемендүүлүк алгандан кийин ресурстардын жетишсиздигинен шок болгон кезде, Кытай Эл Республикасынын ЖМКларынын алгачкы аракеттери, мисалы, Жуңгого Сапар программасы жана «Долон ТВсы» ийгиликтүү болгон. Алдын ала байкоого караганда, кыргыз калкынын көбү «Жуңгого Сапарды» көргөн, же жок дегенде бул программанын бар экенин билишкен.[154] «Долон ТВнын» мурдагы кызматкерлеринин биринин айтымында, «Долон ТВ» телерадиокомпаниясы 2000-жылдардын башында Кыргыз Республикасына кабелдик телекөрсөтүүнү сунуш кылган биринчи компания катары ийгиликтүү болгон, бирок ал жаңы технологияларга өтүүдө техникалык көйгөйлөргө туш болгон.

КЭР медиасынын жергиликтүү каналдары жергиликтүү кыргыз аудиториясына өтө начар деңгээлде жеткиликтүү. КЭРдин бул медиа уюмдарында иштеген көптөгөн мурдагы журналисттер мындай маалымат каражаттарын колдонгондор көбүнчө Кытай Эл Республикасы менен тыгыз байланышта болгондор, мисалы, үй-бүлөсү же ал жактагы бизнеси бар деп түшүндүрүштү. Андан да маанилүүсү, басма сөз модадан чыгып кеткендиктен жана КЭР менен кеңири кызматташкан Кыргызстандын ММКлары башкалардай жакшы иштебей жаткандыктан, басма сөз пропагандасы кеңири аудиторияга жетпей жатат. Ошондой эле Кыргыз Республикасында иштеген КЭР медиа уюмдары да интернетте өз ишмердүүлүгүн түзө албай жатышат. «Контимостто» иштеген 40-маектеш түшүндүргөндөй, бул редакция КЭРде катталган медиа болгондуктан, «Фейсбук» жана «Инстаграм» сыяктуу чет элдик социалдык медиа аккаунттарын ачууга атайын уруксаттар берилиши керек. Бул уруксатты ала албаса, «Контимост» интернеттеги версиясы жок басылып чыккан журнал бойдон гана кала берет.

Мындан тышкары, жакшынакай мамилеге карабастан, Кыргыз Республикасындагы КЭР медиа уюмдарында иштеген жергиликтүү кадрлардын алмашуу деңгээли өтө жогору. Кытайлык жумуш берүүчүлөр жергиликтүү кызматкерлер үчүн кытай тили боюнча бекер сабактарды сунуштаса, тилдин татаалдыгынан жумуш менен бирге алып кетүү кыйынчылыгынан улам, аз сандагы гана кызматкерлер окууга кызыкдар. Кыргыз Республикасындагы Кытай Эл Республикасынын медиа уюмдарында иштеген бир нече жергиликтүү кызматкерлер жумуш ордундагы маданий айырмачылыктарды, өзгөчө журналистиканын принциптерине байланыштуу айтып беришти. Бир экстремалдуу жагдайда 52-маектеш кытай редакцияларынын жетекчилеринин ишин профессионалдуу эмес, ал эми ЖМКнын ишине жөн гана “пропагандалык курал” катары мамиле кылганын сүрөттөгөн.

КЭР менен кеңири кызматташууга ээ болгон Кыргызстандын ЖМКлары пресс-релиздерди жарыялоо, иш-чараларга катышуу жана башкалар аркылуу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен активдүү байланышта экени аныкталган. Кыргызстандын медиа тармагында КЭРдин таасири боюнча билимдин өтө чоң ажырымы бар. Буга чейин КЭР менен кеңири кызматташкан журналисттердин коомчулугунан тышкары, башкалардын билими жок. Бир нече оппозициялык медиа уюмдардын айтымында, алар КЭР субъекттери тарабынан эч качан КЭРге саякаттарга, маданий иш-чараларга

же майрамдык салтанаттарга чакырылган эмес. 13-маектештин байкоосуна ылайык, «Алар [Кыргыз Республикасындагы] азыркы бийликке жакын адамдарды гана чакырышат». Жергиликтүү бийликке жакын болуудан тышкары, Кыргызстандын мындай медиа уюму менен иштешүүдө өз артыкчылыгы да бар. Көбүнчө өкмөттү колдогондор, эгерде мамлекеттик эмес болсо, жергиликтүү калкка кайрылуу жагынан кыйла натыйжалуу. Кыргыз Республикасынын калкынын 66% жакыны алыскы айылдарда жашашат, алар мамлекеттик эркин маалымат каражаттарынан тышкары ЖМКга жеткиликтүүлүгү чектелүү.[155] Мындай кыргыз ЖМКлары менен иштешип, Кытай кадимки контент менен интеграцияланган контентти киргизе алат.

Кыргыз журналисттеринин жана медиа адистеринин тышкы саясаттагы артыкчылыктарына таасир этүү аракети көрүнүктүү болду. 13-маектешибиз сапарга кетер алдында КЭР элчилигинде өткөн брифингди эскерип, мындай деди: «Бул турлардын максаты – Кытайдын башкаларга, бизге [Кыргыз Республикасына] үлгү боло турган жакшы жактарын көрсөтүү.» Бул сапарлар ошондой эле Кытайдын ар кандай партиялары үчүн маалымат чогултуу жана Кыргыз Республикасынын ички иштери жөнүндө саясий идеяларды киргизүү үчүн мүмкүнчүлүк болуп саналат. Бир нече журналисттер эске салгандай, аларды Борбордук Азия маселелери боюнча иштеген кытайлык изилдөөчүлөр жана окумуштуулар коштоп, Кыргыз Республикасы тууралуу кеңири маек курушкан.

- 10-маектеш, «[Кытай изилдөөчүсү] Кыргызстандагы саясий туруксуздук өнүгүүдө көйгөйлөрдү жаратып жатканын айтты. Ал биздин өкмөттөр өткөн жылдарда канча жолу алмашканын так билген;»
- 7-маектеш, «Алар [кытайлык изилдөөчүлөр] биздин өлкөгө кызыгышты; алар да биздин Кытай жөнүндө эмнелерди билебиз деп кызыгышты».
- 3 жана 6-маектешкендер Кытай тарап алардан дагы кандай уюмдар менен кызматташып жатканын сурашканын айтышты;
- 16-маектеш, «Алар [кытайлык изилдөөчүлөр] Кыргызстандагы ар бир түшүнүктөн кабардар болушкан. Алар кытай продукциясынын сапаты төмөн деген түшүнүктү жокко чыгарууга аракет кылышты жана бизге жогорку сапаттагы продукцияны гана көрсөтүштү;»
- 13-маектеш, «Алар Кыргызстан менен Кытай байыртадан бери эле тыгыз мамиледе болгонун айтышкан, бирок акыркы жылдары бул кызматташтык солгундап баратат. Эгер алака жанданса, келечекте Улуу Жибек жолун байланыштырган темир жолду куруу пландары менен бөлүштү. Бул стратегиялык кызматташууга Кыргызстан макул эместиги айтылууда. Алардын айтымында, Кыргызстан сунушту кабыл алса, бул эки тарапка тең пайда алып келет.»

# КОРУТУНДУ

Бул баяндама КЭРдин Кыргыз Республикасындагы кызматташуусу экономикалык жана аскерий чөйрөлөрдүн чегинен чыгып кеткенин жана мындан ары жалаң жергиликтүү элита менен иштебей турганын көрсөтүүгө багытталган. Бул отчёттун басымдуу далили Кытайдын медиа тармагына, технократтарга жана массалык маалымат каражаттарынын аудиториясына багытталган активдүүлүгүн көрсөтүп турат. Кытайдын бүтүндөй коомго таасир көрсөтүү ыкмасы Борбор Азияда барган сайын көбүрөөк байкалууда. Практикада кытайлык таасирге болгон мамиле КЭРдин максаттуу секторлору менен субъекттеринин ортосунда көз карандылыкты түзүүгө негизделген.

Кыргыз Республикасынын медиа тармагына мамиле кылууда КЭР өлкөдөгү салыштырмалуу эркин маалымат мейкиндигинен пайдаланды. Кытай Эл Республикасынын позитивдүү көз карашын жайылтуу жана анын имиджине жана Кыргыз Республикасындагы саясатына ыңгайсыз билдирүүлөрдү четке кагуу үчүн үч негизги стратегияны колдонгон. Кыргыз медиа басылмаларында жана берүүлөрүндө ар кандай мазмундар, анын ичинде макалалар, кыска видеолор жана даректүү тасмалар киргизилген. Бул кайра басып чыгаруу боюнча келишимдери, жарнамалык материалдар жана КЭРге акы төлөнүүчү турлар аркылуу ишке ашырылат. Кытай ЖМКларынын жергиликтүү болушу мындай киргизилген контенттин Кыргыз Республикасындагы аудиторияга ылайыкташтырылышын камсыз кылууда маанилүү роль ойнойт. Алардын жергиликтүү медиа катары иш алып баргандары жергиликтүү кыргыз медиа уюмдары жана журналисттери менен кызматташууга көмөктөшөт. Андан тышкары, Кыргыз Республикасында гүлдөп жаткан социалдык медиа мейкиндиги кытайлык таасирлерден эркин эмес. Жогоруда айтылган жана колдонулган тактикаларды эске алуу менен, кийинки отчётто КЭР Кыргыз Республикасында киргизип жаткан жана жайылтып жаткан баяндамалары кеңири чагылдырылат.

Албетте, Кыргыз Республикасынын медиа мейкиндигиндеги чет элдик медиа манипуляцияларды башкаруу боюнча алсыз жерлер бар. Мындай манипуляциялык тактиканын эффективдүүлүгү боюнча алдын ала изилдөөлөр көрсөткөндөй, КЭР бутага алган журналисттердин көбү кытайлык өнөктөштөрдүн ой-ниеттерин сергек түшүнүп, алардын тактикасын натыйжасыз жана жагымсыз деп баалашат. Ошондой эле КЭРдин Кыргызстандын медиа тармагына киришинин стратегиялары 1992-жылдан бери өзгөрүп жатканы, өзгөчө соцтармактарга жакындагандан кийин өзгөрүп жатканы да анык.

Кейс изилдөө катары, бул изилдөө Кытайдын таасири боюнча глобалдык изилдөөлөргө жардам берет. Кытайдын Кыргыз Республикасындагы медиа секторуна болгон катышуусу башка өнөктөштөрдөн канчалык айырмаланарын, КЭР Кыргыз Республикасында кандай журналисттик нормалардын жана практикалардын түрлөрүн жайылтып жаткандыгын жана журналистиканын кызмат көрсөтүү жөндөмдүүлүгүн алдыга жылдырып жаткандыгы боюнча жергиликтүү деңгээлде кененирээк изилдөөгө мүмкүндүк берет. Дүйнөлүк масштабда бул изилдөө кеңири талкуулоо үчүн Борбордук Азиянын жана Кыргыз Республикасынын маселелерине көңүл бурууну максат кылат. Кыргыз Республикасынын иши Латын Америкасы же Түштүк-Чыгыш Азиядагы КЭР маалымат каражаттарынын таасирин иликтөөдөн эмнеси менен айырмаланарын иликтөө; жергиликтүү контексттеги кандай окшоштуктар жана айырмачылыктар Кытайдын медиа секторуна көбүрөөк катышуусуна алып келет; бул окшоштуктар жана айырмачылыктар өлкөнүн КЭР менен кызматташтык мамилелерине мүнөздүүбү же бул өлкөлөр КЭР тараптан кабыл алуудагы маанисинин натыйжасы болуп эсептелеби жана башка маселелерге көңүл бурат.

Алдыга карай, Кыргыз Республикасы Кытайдын медиа тармагына катышуусунун туруктуу өсүшүн күтсө болот. 2018-жылдан бери Кытайдын Кыргыз Республикасындагы инвестицияларынын коопсуздугуна тынчсыздануусу жаңы чектерге жетти. Кытай менен Кыргызстандын расмий өкүлдөрүнүн жолугушууларынын ондогон пресс-релиздеринде чагылдырылгандай, бул коопсуздук тынчсыздануусу өлкөдө Кытайга каршы маанайдын күчөшүнө байланыштуу, муну Кытай тарап КЭР тууралуу жергиликтүү адамдардын түшүнүгүнүн жоктугу менен түшүндүрөт. Бул талкуулардын жүрүшүндө ЖМКнын кызматташуусунун негиздери Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздук кызыкчылыктарын

чагылдырып, демилгелер Кыргызстандын ички саясий иштерине кийлигишпей тургандай кылып түзүлүшү керек. Кытайдын кызыкчылыгына көңүл бурулбаса, Кыргызстандын медиа секторун орчундуу маселелер боюнча расмий мамлекеттик позицияларга таасир этүүчү куралга айландырышы мүмкүн. Мисал катары Филиппиндин окуясын алсак болот, анда жергиликтүү маалымат каражаттары Кытайдын Түштүк Кытай деңизи талашына байланыштуу позициясын колдогон материалдарды чыгарышкан.[156]

Дүйнөнүн башка жерлеринде кээ бир өлкөлөр үчүнчү тараптын таасирине туруштук бере алган медиа секторлорун сактап кала алышты. КЭР өзүнүн жаңылыктарынын жана маалымат булактарынын үстүнөн өз бийлигин чыңдоону улантып жаткандыктан, Кытайдын иштери боюнча көз карандысыз ар тараптуу көз караштарга ээ болуу мүмкүнчүлүгү чектелген өлкөлөр эки тараптуу кызматташууга келгенде негиздүү чечимдерди кабыл ала албай калуу коркунучуна туш болушат. Чет элдик өнөктөш менен иштөөдө пайданы максималдуу көбөйтүү жана тобокелдиктерди азайтуу ар бир өлкөнүн кызыкчылыгына жооп берет жана бул көрүнүш КЭР да четте калган эмес.

# 1-ТИРКЕМЕ.

## Маектешкендердин тизмеси

| Код | Шилтеме | Маектешүү күнү | Локация |
|---|---|---|---|
| **Маектешкен 1** | АКИпресс кызматкерлери | 10 -декабрь 2021 | Бишкек |
| **Маектешкен 2** | Журналист, Вечерний Бишкек | 13 -декабрь 2021 | Бишкек |
| **Маектешкен 3** | Жергиликтүү медиа бейөкмөт уюмунун директору | 7 -январь 2022 | Бишкек |
| **Маектешкен 4** | Улук кызматкер, Кабар | 9 -январь 2022 | Бишкек |
| **Маектешкен 5** | Жогорку жетекчи, Керемет ТВ | 10 -январь 2022 | Бишкек |
| **Маектешкен 6** | Жогорку жетекчи, Слово Кыргызстана | 12 -январь 2022 | Бишкек |
| **Маектешкен 7** | Улук кызматкер, Ала-Тоо 24 | 13 -январь 2022 | Бишкек |
| **Маектешкен 8** | КТРКнын мурдагы улук журналисти | 13 -январь 2022 | Бишкек |
| **Маектешкен 9** | КТРКнын кызматкери | 14 -январь 2022 | Бишкек |
| **Маектешкен 10** | Мамлекеттик маалымат кызматынын мурдагы кызматкери | 14 -январь 2022 | Бишкек |
| **Маектешкен 11** | Жогорку жетекчи, Вечерний Бишкек | 17- февраль 2022 | Бишкек |
| **Маектешкен 12** | Мурдагы жогорку жетекчи, ЭлТР | 2 -январь 2022 | Ош |
| **Маектешкен 13** | Мурдагы журналист, Ош ТВ | 3 -январь 2022 | Ош |
| **Маектешкен 14** | Кызматкер, Ынтымак ТВ | 3 -январь 2022 | Ош |
| **Маектешкен 15** | Жогорку жетекчи, ЭлТР | 4 -январь 2022 | Ош |
| **Маектешкен 16** | АКИпресс кызматкерлери | 5 -январь 2022 | Ош |
| **Маектешкен 17** | Жогорку жетекчи, Ынтымак ТВ | 5 -январь 2022 | Ош |
| **Маектешкен 18** | Жогорку жетекчи, Керемет ТВ | 10 -январь 2022 | Ош |
| **Маектешкен 19** | Мурдагы журналист, КТРК | 12 -январь 2022 | Бишкек |
| **Маектешкен 20** | Мурдагы жогорку жетекчи, КТРК | 14 -январь 2022 | Бишкек |
| **Маектешкен 21** | Мекен өндүрүштүн мүчөсү | 21 -март 2022 | Онлайн |
| **Маектешкен 22** | Мурдагы журналист, Жибек Жолунун байкоочусу | 4 -декабрь 2021 | Бишкек |
| **Маектешкен 23** | Журналисттер бирикмесинин башкармалыгынын мүчөсү | 3 -декабрь 2021 | Бишкек |
| **Маектешкен 24** | Жогорку жетекчилик, жергиликтүү медиа бейөкмөт уюм | 6 -декабрь 2021 | Бишкек |
| **Маектешкен 25** | Журналисттердин коомдук бирикмесинин жогорку жетекчилиги | 5 -декабрь 2021 | Бишкек |
| **Маектешкен 26** | Мурдагы жогорку жетекчи, Factcheck | 1 -декабрь 2021 | Бишкек |
| **Маектешкен 27** | Президенттик аппараттын мурдагы аппараты, басма сөз кызматы | 7 -декабрь 2021 | Бишкек |
| **Маектешкен 28** | Мурдагы журналист, Вечерний Бишкек | 6 -декабрь 2021 | Бишкек |
| **Маектешкен 29** | КТРКнын мурдагы улук журналисти | 8 -декабрь 2021 | Бишкек |
| **Маектешкен 30** | Жогорку жетекчи, жергиликтүү медиа бейөкмөт уюм | 9 -декабрь 2021 | Бишкек |
| **Маектешкен 31** | Жергиликтүү университеттин журналистика кафедрасынын профессору | 2 -декабрь 2021 | Бишкек |
| **Маектешкен 32** | Жергиликтүү университеттин журналистика кафедрасынын профессору | 2 -декабрь 2021 | Бишкек |
| **Маектешкен 33** | Жергиликтүү университеттин журналистика кафедрасынын профессору | 1 -декабрь 2021 | Бишкек |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **Маектешкен 34** | Жергиликтүү университеттин журналистика кафедрасынын профессору | 3 -декабрь 2021 | Бишкек |
| **Маектешкен 35** | Жогорку жетекчи, Контимост | 17 -декабрь 2021 | Бишкек |
| **Маектешкен 36** | Кызматкер, Синьхуа | 18 -декабрь 2021 | Бишкек |
| **Маектешкен 37** | Мурдагы жогорку кызматкер, Жибек Жолунун байкоочусу | 20 -декабрь 2021 | Бишкек |
| **Маектешкен 38** | Мурдагы журналист, Жибек-Жолунун байкоочусу | 20 -декабрь 2021 | Бишкек |
| **Маектешкен 39** | Журналист, Жибек-Жолунун байкоочусу | 21 -декабрь 2021 | Бишкек |
| **Маектешкен 40** | Кызматкер, Контимост | 24 -декабрь 2021 | Бишкек |
| **Маектешкен 41** | Журналист, CGTN | 22 -декабрь 2021 | Бишкек |
| **Маектешкен 42** | Мурдагы журналист, Жибек-Жолунун байкоочусу | 29 -декабрь 2021 | Бишкек |
| **Маектешкен 43** | Жогорку жетекчи, Дунган гезити | 27 -декабрь 2021 | Бишкек |
| **Маектешкен 44** | Мурдагы журналист, China News Service | 15 -декабрь 2021 | Бишкек |
| **Маектешкен 45** | Жогорку жетекчи, Долон ТВ | 27 -декабрь 2021 | Бишкек |
| **Маектешкен46** | Мурдагы кызматкер, Долон ТВ | 13 -январь 2022 | Бишкек |
| **Маектешкен 47** | Мурдагы жогорку жетекчи, Долон ТВ | 14 -январь 2022 | Бишкек |
| **Маектешкен 48** | Мурдагы кызматкер, Долон ТВ | 4 -январь 2022 | Бишкек |
| **Маектешкен 49** | Мурдагы техникалык кызматкер, Долон ТВ | 3 -январь 2022 | Бишкек |
| **Маектешкен 50** | Жогорку жетекчи, Дунган гезити | 12 -январь 2022 | Бишкек |
| **Маектешкен51** | Мурдагы журналист, Жибек-Жолунун байкоочусу | 10 -январь 2022 | Бишкек |
| **Маектешкен 52** | Мурдагы жогорку жетекчи, Жибек-Жолунун байкоочусу | 7 -январь 2022 | Бишкек |
| **Маектешкен 53** | Мурдагы журналист, Жибек-Жолунун байкоочусу | 5 -январь 2022 | Бишкек |
| **Маектешкен 54** | Мурадагы улук журналист, жергиликтүү жеке маалымат каражаттары | 8 -февраль 2022 | Бишкек |
| **Маектешкен55** | Жогорку кызматкер, Дунган гезити | 3 -февраль 2022 | Бишкек |
| **Маектешкен 56** | Жогорку жетекчилик, жергиликтүү маданий топ | 9 -декабрь 2021 | Бишкек |
| **Маектешкен 57** | Мамлекеттик маалымат кызматынын улук кызматкери | 9 -декабрь 2021 | Бишкек |
| **Маектешкен 58** | Жергиликтүү өкмөттүк эмес уюмдун кызматкери | 10 -декабрь 2021 | Бишкек |
| **Маектешкен 59** | Аксы окуясы боюнча саясий жазуучу | 11 -декабрь 2021 | Бишкек |
| **Маектешкен 60** | Мурдагы жогорку жетекчи, Не Сахар | 13 -декабрь 2021 | Бишкек |
| **Маектешкен 61** | Парламенттин мүчөсү | 14 -декабрь 2021 | Бишкек |
| **Маектешкен 62** | Мурдагы жогорку жетекчи, Азаттык | 17 -декабрь 2021 | Бишкек |
| **Маектешкен 63** | Бейөкмөт уюмдун жогорку жетекчиси | 20 -декабрь 2021 | Бишкек |
| **Маектешкен 64** | Парламенттин мүчөсү | 21 -декабрь 2021 | Бишкек |
| **Маектешкен 65** | Журналист, Азаттык | 23 -декабрь 2021 | Бишкек |
| **Маектешкен 66** | Жогорку жетекчи, Ololo | 23 -декабрь г 2021 | Бишкек |
| **Маектешкен 67** | Свет Аке өндүрүштүн мүчөсү | 24 -декабрь 2021 | Бишкек |
| **Маектешкен 68** | Мурдагы улук журналист, Азаттык | 24 -декабрь 2021 | Бишкек |
| **Маектешкен 69** | Жергиликтүү технологиялык компаниянын улук жетекчилиги | 28 -декабрь 2021 | Бишкек |
| **Маектешкен 70** | КТРКнын улук жетекчиси | 12 -январь 2022 | Бишкек |
| **Маектешкен 71** | Салам Нью-Йорк өндүрүштүн мүчөсү | 18 -январь 2022 | Бишкек |
| **Маектешкен 72** | Администратор, КЭР сындуу Фейсбук тобу | 3 -январь 2022 | Онлайн |
| **Маектешкен73** | Маданий коомдук медиа таасир этүүчү | 10 -февраль | Онлайн |

## 2-ТИРКЕМЕ.

# 2019-жылдын январынан 2022-жылдын февралына чейинки КЭРге тиешелүү мазмундагы эң активдүү деп табылган 20 постту изилдөө методологиясы.

Бул анализдин максаты - Кыргыз Республикасындагы «Фейсбук» жана «Инстаграм» социалдык тармактардагы Кытай Эл Республикасын талкуулаган популярдуу посттордун мүнөздөмөлөрүн баалоо. Бул изилдөө процесси «Фейсбуктун» ачык булактагы изилдөөлөргө каршы тубаса тоскоолдугунан жапа чеккен. «Meta» компаниясы, адегенде «Фейсбук», өзүнүн купуялык саясатын, айрыкча үчүнчү тараптын платформаларындагы ачык маалыматтарга кирүү мүмкүнчүлүгүн дайыма жаңыртып турат. 2022-жылга карата «Бетинин коомдук мазмунуна кирүү функциясы» жок Graph API аркылуу «Фейсбуктагы» таасир этүүчүнүн (блогердин) баракчасынын күйөрмандары жана катталуучулары тууралуу маалыматтарды чогултуу азыр мүмкүн эмес. Натыйжада, Кыргыз Республикасындагы Кытай Эл Республикасын онлайндан талкуулаган популярдуу постторду талдоо үчүн Германияда жайгашкан онлайн изилдөө кызматы FanpageKarma социалдык медиа колдонулган. Компания маалымат боюнча ЕБ эрежелерине ылайык келет жана «Фейсбук» менен болгон келишимдерге ээ. Бул изилдөө FanpageKarma аркылуу кыргыз «Фейсбук» жана «Инстаграмдагы» тарыхый маалыматтарга жетүү жана талдоо жүргүзүү үчүн колдонулган. КЭР иштерине байланыштуу билдирүүлөр куралдан тышкары чыгарылды. Маалымат топтомун чогултуу жана тазалоо үчүн тилди, жайгашкан жерди жана ачкыч сөздөрдү чыпкалоону камтыган көп катмарлуу процесс орнотулган. Бир же бир нече ачкыч сөздөрдү (кыргызча «Кытай» жана орусча «Китай») жана бул сөздөрдөн жасала турган ар кандай сын атоочтор («Кытайлар» же «китайский”) «Фейсбуктан» жана «Инстаграмдан» камтыган билдирүүлөр гана чогултулду. Андан кийин маалыматтардын актуалдуулугу жана тактыгы үчүн кылдат жеке текшерүү жүргүзүлдү. Бардык чогултулган билдирүүлөр 2019-жылдын 1-январынан 2022-жылдын 1-февралына чейин жарыяланган.

